# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | СЕНТЯБРЬ **2014** | **№ 9 (34) чыгарылышы**

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Техникалык редактор
***Айганыш Качаганова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,**
бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021,
Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44,
Өнүктүрүү саясат институту,
«Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

ISBN 1694-7053

## Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ ЧЫГАРЫЛЫШТА:

**Мыйзамдагы жаңылыктар**

Жергиликтүү маанидеги маселелер партиялык түзүмдүн кызыкчылыктарына утулуп калууда . . . 2

**ЖӨБнын каржысы**

Бюджеттик кодекс: терс гранттардын ордуна инвестициялар жана ачык-айкындуулук . . . 4

Жергиликтүү салыктарды башкарууда ЖӨБ органдарынын укуктарын жана ыйгарым укуктарын кантип ишке ашырса болот? . . . 12

**ЖӨБнын мыкты практикасы**

Айыл өкмөтү жана айылдык кеңеш – бул бүркүттүн эки канаты жана алардын үндөш кыймылы жергиликтүү өз алдынча башкарууну көтөрүп кетет . . . 17

**Юридикалык консультация**

Жергиликтүү кеңештин депутатына жардам . . . 24

ЖӨБ – прокуратура: тирешүүдөн кызматташтыкка . . . 26

**Жергиликтүү экономикалык өнүгүү**

Кыргыз Республикасындагы муниципалдык кепилдик фонддору . . . 29

**"Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) жаңылыктары**

Британиянын КРдагы элчиси жети муниципалитетке таштанды тазалоо жана чыгаруу үчүн атайын техниканын ачкычтарын тапшырды . . . 32

ПРЕСС-СЕССИЯ: грант инвестицияларды башкаруу үчүн ЖӨБ органдарына машыктыргыч катары . . . 33

Мамлекеттик салык кызматынын жүздөн ашуун кызматкери ЖӨБ деңгээлинде "Салыктык укук мамилелери чөйрөсүндө ЖӨБнын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу тартиби жөнүндө" убактылуу жобону жайылтуу маселеси боюнча окуудан өтүштү . . . 35

**Өнүктүрүү саясат институтунун жаңылыктары**

Бишкекте жаштардын каржылык сабаттуулугун жогорулатуунун ыкмалары талкууланды . . . 36

Ошто коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана кыш мезгилине даярдык көрүүгө багытталган финансы каражаттарынын айкындуулук маселеси талкууланды . . . 37

ЖӨБ – бул таштанды жана жол маселелери гана эмес. Бул адамдын өнүгүүсү үчүн чөйрө – маданият, тарбия, муктаждарга камкордук, саламаттык, коопсуздук. Муниципалдык социалдык тапшырыкты жайылтуу боюнча долбоордун орто аралыктагы натыйжаларын талкуулоо . . . 38

*Плакаттын автору - Таалайбек КОЗУБАЕВ, «Мен жана коррупция» плакаттар сынагынын катышуучусу, 2014-ж.*



## Конституциялык палата жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү боюнча мурдагы тартипти калтырды

# Жергиликтүү маанидеги маселелер партиялык түзүмдүн кызыкчылыктарына утулуп калууда

**Өнүктүрүү саясат институту жана “Муниципалитет” журналы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештерге депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү системасына карата бир нече жолу түрдүү көз караштарды билдирип келген. Ошону менен бирге журналдын май айындагы чыгарылышында шайлоону партиялык принципти эсепке алуу менен өткөрүүнүн дүйнөлүк практикасы тууралуу чоң көлөмдөгү аналитикалык макала да чыккан. Өзгөчө Жогорку Кеңештин депутаттары арасында партиялык кеңештердин талапкерлери көп болгонуна карабастан эксперттер берген баанын жалпы мүнөзү жергиликтүү шайлоо системасына партиялык принциптерди киргизүү эрте деген тыянак чыгарууга түртөт. 2011-жыл – жергиликтүү шайлоо жылына салыштырмалуу чыңалуу бир топ аз болгону менен, партиялык курулуштун кызыкчылыктары менен жергиликтүү маанидеги маселелердин ортосундагы коомдук талаш-тартыштар токтобой келет. Анткен менен убакыт өтүп жатат, жергиликтүү кеңешке жаңы шайлоо өтө турган күн да алыс эмес жана шайлоонун партиялык системасын мыйзамсыз деп таануу тууралуу арызды кароонун алкагында бул маселе кайрадан күн тартибине чыкты. Арыз Конституциялык палатага жиберилген, ал болсо шайлоонун учурдагы системасына бир жактуу баа бере алган жок, бирок аны күчүндө калтырды. Өнүктүрүү саясат институту Конституциялык палатанын чечимине сереп жасабастан, муну окурмандарга сунуштайт. Анткен менен бардык кызыкдар жактарга ушул чечимди жеткирип коюуну өзүнүн милдети деп эсептейт. Чечим 2014-жылдын 23-сентябрында АКИ-пресс Маалымат агенттигинин сайтында берилген редакцияда жарыяланат.**

Кыргызстанда жергиликтүү кеңешке шайлоодо талапкерлерди көрсөтүү тартиби Конституциянын талаптарына жооп берет, деп билдиришти 23-сентябрда Конституциялык палатадан.

2014-жылдын 22-сентябрында Конституциялык палата "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамдын 49-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунун конституциялуулугу тууралуу чечим чыгарды. Анда саясий партияларга шаарлардын жергиликтүү кеңештерине талапкерлерди көрсөтүүгө укук берилген.

Арыз берүүчүнүн пикиринде, талаш туудурган норма шаарлардын жергиликтүү кеңештерине шайлоодо талапкерлерди көрсөтүү укугун саясий партияларга гана берүү бир катар конституциялык принциптерди бузат жана жарандардын шаардык кеңешке шайлануу укугуна тоскоолдук жаратат, мунун натыйжасында жергиликтүү өз алдынча башкарууга укуктун маңызы да бурмаланууда.

Арыз берүүчү ырастагандай, пропорционалдык шайлоо системасынын негизинде шаарлардын жергиликтүү кеңештерине шайлоо өткөрүү саясий партияларга мүчө болбогон жарандарга талапкерлигин коюу, мындан улам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлануу укугун тикедентике ишке ашырууга жол бербейт. Атүгүл бул болсо жергиликтүү жамааттын мүчөсүнүн шайлоо, бул демек жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга катышуу укугун бузуп жатат. Анткени бул аны шайлоодо партиялар көрсөткөн талапкерлердин арасынан гана тандоо жасоого мажбурлап, партияга мүчө болбогон талапкерлерди колдоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып жатат.

Конституциялык палата тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, башка жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп, иштин материалдарын изилдеп көрүп, төмөнкүдөй тыянакка келди:

Конституция шайлоону эл өз бийлигин түздөнтүз, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде жүзөгө ашырган жогорку формаларынын бири катары кароо менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарына шайлоону өткөрүү тартибин түз белгилеген эмес. Конституцияга ылайык, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүү тартиби мыйзамдар менен жөнгө салынат. Муну менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына шайлоо өткөрүүдө мыйзам чыгаруучуга шайлоо эрежелерин жана жол-жоболорун белгилөөдө дискрециялык укук берилген.

Өз кезегинде мыйзам чыгаруучу белгилеген шаарлардын жергиликтүү кеңештерине депутаттарды шайлоонун пропорционалдык системасы айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоого караганда талапкерлерди көрсөтүүнүн башка тартибин караштырат. Талашып жаткан норманын ченемдик жоболору жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүүнүн тартибин жана шарттарын жөнгө салат. Талапкерлерди көрсөтүү баскычында талашып жаткан норма шаарлардын жергиликтүү кеңештеринин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү укугун саясий партияларга берет. Бул пропорционалдык шайлоо системасынын маңызынан улам келип чыгууда. Ал шайлоо процессинин негизги субъекттери өзүнчө талапкерлер эмес, талапкерлеринин тизмеси шайлоочулардын добушу үчүн кармашта өз ара атаандашкан саясий партиялар деп караштырат. Саясий партиянын талапкерлер тизмесин түзүүсү жана аларды көрсөтүүсү пропорционалдык өкүлчүлүктүн шайлоо системасына мүнөздүү белги болуп эсептелет.

Бул айтылгандар 2002-жылдын 7-октябрындагы Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин катышуучулары болгон мамлекеттерде Демократиялык шайлоолордун, шайлоо укуктарынын жана эркиндиктеринин стандарттары жөнүндө Конвенцияга шайкеш келет. Бул Конвенцияга ылайык, жарандын шайлоо жана шайлануу укугу Конституцияда жана (же) мыйзамдарда бекитилет, ал эми аны жүзөгө ашыруу тартибин мыйзам аныктайт. Аны менен бирге Конституция жана эл аралык шайлоо стандарттары мыйзам чыгаруучуну шайлоо системасынын кандайдыр бир түрүн белгилөөгө милдеттендирбейт. Шайлоо системасынын каалаган түрүн тандоо жана мыйзамда тийиштүү шайлоо жолжоболорун бекитүү конкреттүү социалдык-саясий шарттарга жана мамлекеттин саясий системасынын өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө жараша болот. Ошентип өзүнөн өзү тигил же бул шайлоо системасы жарандардын шайлоо укуктарын бузуу көрсөткүчү боло албайт.

**Шайлоо укугун ишке ашыруу дегенде жаранга шайлоо укугун жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн кепилдеген мыйзамдар менен белгиленген ыкмалар жана шарттар айтылат. Ошол эле кезде шаарлардын жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоонун колдонуудагы укуктук жөнгө салынышы партияга мүчө болбогон жаран үчүн пассивдүү шайлоо укугун ишке ашыруусунун жетиштүү кепилдиктерин камтыбайт. Мыйзамда шаарлардын жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына саясий көз караштарды жана ишенимдерди тең бөлүшпөгөн жана кайсы бир саясий партияга тиешеси болбогон талапкерлерди көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн камсыздаган укуктук механизмдин жоктугу алардын шайлануу укугун жүзөгө ашыруусуна тоскоол болот.**

Ошону менен бирге Конституциялык палата арыз берүүчүнүн жүйөлөрүн көңүлгө алуу менен, каралып жаткан маселеде тийиштүү укуктук жөнгө салуу механизмдеринин жоктугу талашып жаткан норманы конституциялык эмес деп таануу үчүн негиз болуп бере албайт деген тыянакка келди.

Өнүктүрүү саясат институту жергиликтүү кеңештерге шайлоонун тегерегиндеги кырдаалга мындан ары да анализ жасай берет жана анын жыйынтыктарын "Муниципалитет" журналына жарыялайт. M




*Плакаттын автору – Инна ПИСКАРЕВА, «Мен жана коррупция» плакаттар сынагынын катышуучусу, 2014-ж.*

# БЮДЖЕТТИК КОДЕКС: терс гранттардын ордуна инвестициялар жана айкындуулук

**Назира ТЮЛЮНДИЕВА, ӨСИ эксперти**

**2012-жылы Жогорку Кеңештин депутаттары жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Бюджеттик кодекстин альтернативалык эки долбоорун иштеп чыгышкан. Андан кийин бирдиктүү документти иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин бирдиктүү долбоорунун концепциясын парламент 2014-жылдын июнь айында биринчи окууда кабыл алган. 2014-жылдын сентябрь айынын алгачкы күндөрүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана каржы боюнча комитетинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөт өкүлдөрүнүн катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин долбоорун жеткире иштөө боюнча жумушчу топтун кеңейтилген отуруму өткөн. Талкууга Жогорку Кеңештин депутаттары, мамлекеттик органдардын, эл аралык уюмдардын, жарандык сектордун өкүлдөрү жана бюджет боюнча эксперттер, анын ичинде Өнүктүрүү саясат институтунун өкүлдөрү да катышкан.**

## Антикоррупциялык маңызы

Жумушчу топтун отуруму Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин Антикоррупциялык саясат боюнча мамлекеттик стратегиянын ишке ашырылышын көзөмөлдөө боюнча Жумушчу тобунун өкүлүнүн сөзү менен башталды. Ал бюджеттик процесстин коррупциялык тобокелчиликтерге ымаласы жакын негизги элементтерин жана жол-жоболорун белгиледи. Бюджетти пландоодо жана аткарууда коррупциялык зоналарга төмөнкүлөр киргизилген:

- бюджеттик уюмдардын сметасын түзүү практикасы;
- бюджеттик уюмдарды каржылоонун айлык жана кварталдык планын бекитүүдө КР Каржы министрлигинде дискрециялык ыйгарым укуктардын болгону;
- бюджеттик кыймылдарды чектөө системасынын жоктугу;
- "план-факт-четтөө" отчеттуулук системасынын жоктугу;
- бюджетти аткарууда четтеп чыгуунун субъективдүүлүгүн же объективдүүлүгүн аныктоо системасынын жоктугу;
- бюджеттик маалыматты кагаз алып жүрүүчүлөрдө иштеп чыгуу мүмкүн болбогондуктан республикалык бюджеттин аткарылышына көз карандысыз мониторингдин жоктугу.

Бул логика боюнча бюджеттик процессти башкаруунун антикоррупциялык модели өзүнө төм. камтыш керек:

- бюджеттик уюмдардын сметаларынын, каржылоо жана кварталдык кол коюмдардын ар ай сайынкы пландарынын долбоорлорунун макулдашуу механизми;
- кварталга бөлүү боюнча бюджеттин аткарылышын КР Жогорку Кеңешинин бекитүү механизми;
- бюджеттик жылууларды чектөө механизми;
- милдеттүү түрдө "план-факт-четтөө" отчеттуулук системасын;
- республикалык бюджетти аткарууда четтеп чыгуунун субъективдүүлүгүн же объективдүүлүгүн аныктоо системасын;
- республикалык бюджетти аткарууда тобокелчиликтерди башкаруу системасын жайылтууга жол берген бюджетти түзүү жана аткаруу процессин автоматташтыруу (бюджеттик кыймылдарды, каржылоонун жөнсүз ачылышын ж.б. байкап туруу).

Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун мүчөлөрү Бюджеттик кодекстин долбоорун жеткире иштөө боюнча Жумушчу топтун мүчөлөрү менен биргелешип, Бюджеттик кодекстин долбоорунун ар бир беренесине антикоррупциялык экспертизаны жакынкы убакытта жасоону пландашууда.

## Социалдык фонддун бюджетин кошуу

Кезектеги сөз сүйлөөдө КР Социалдык фондунун өкүлдөрү аталган фонддун бюджети, анын түзүмү, кирешелери, чыгашалары жана теңдемделгендиги өңдүү маселелерди козгошту. Бюджеттик кодекстин долбоорунда бюджеттен тышкаркы мамлекеттик фонддор биринчи жолу бюджеттик фонддор менен бириктирилип, бирдиктүү ченемдик-укуктук акты менен жөнгө салынат. Өкмөт Социалдык фонддун каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруунун ордуна казыналык система аркылуу Социалдык фонддун кирешелерин жана чыгашаларын башкарууну жүзөгө ашырууну сунуштап жатат. Эксперттик жамаат Социалдык фонддун каражаттарын пайдаланууда ачык-айкындуулукту арттырган бул демилгени толугу менен колдоодо.

## ММКФ жана Эсептөө палатасынын бюджетин автономдук пландоо

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (ММКФ) өкүлү КР Бюджеттик кодекс долбоорунун КРнын бюджеттик системасынын түзүмүн регламенттештирген 9-беренесин өзгөртүүнү сунуштады. Талкууланган вариантта бюджеттик система республикалык бюджетти, жергиликтүү бюджеттерди жана Социалдык фонддун бюджетин камтый турганы айтылат. "Социалдык фонддун бюджети" терминин "мамлекеттик бюджеттен тышкаркы фонддордун бюджеттери" сөзүнө алмаштыруу сунушталууда. ММКФ бюджети азыркы учурда болуп жаткандай Социалдык фонддун бюджетинин курамында эмес, өз алдынча пландалат дегенди түшүндүрөт. ММКФ бюджетин автономдуу пландоо ага түшүп жаткан булактардын көптүгүнөн улам зарыл болуп турат. Ал булактар: Мамлекеттик кепилдиктер программасын ишке ашырууга республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден ресурстар; социалдык камсыздандырууга чегерүүлөрдүн курамында Социалдык фондго милдеттүү медициналык камсыздандырууга чегерилген каражаттар жана медициналык мекемелерде коштөлөм түрүндө алынган ресурстар.

Бюджеттик кодекстин долбоорун талкуулоодогу бир кызык маселе бийликтин сот органдарынын бюджетинин аналогиясы боюнча Эсептөө палатасынын бюджетине автономияны берүү болуп калды. Белгилүү болгондой, Кыргызстандагы сот бийлигинин бюджети өз алдынча соттук бийлик тарабынан түзүлөт жана республикалык бюджеттин курамдык бөлүгү болуу менен республикалык бюджетке кошулат (аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлиги менен макулдашуу боюнча). Эл аралык практикада пландоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан каржылык жактан көз карандысыздыгын кепилдөө үчүн Эсептөө палатасынын бюджетине көз карандысыз статусту берүү сунушталат.

## Терс гранттардын ордуна өнүгүүгө инвестициялар

Жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин терс гранттар түрүндө алып коюу мүмкүнчүлүгүн белгилеген 54-беренени талкуулоо кызуу талкууларга жем таштады. Жогорку Кеңештин Бюджет жана каржы боюнча комитетинин расмий пикирине ылайык жана Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттеринин баамында бул норма КР Конституциясына каршы келет.

Жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин

ЖӨБ органдарынын орточо бюджеттик камсыздандырылгандыгын 2 эседен ашуунга ашпаган деңгээл менен чектөө мамлекеттин ЖӨБ иштерине кийлигишүүсү дегенди билдирет. Ал эми Конституцияда "жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн ушул Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү" (11-берене), "мамлекеттик органдар ЖӨБ органдарынын мыйзамда каралган ыйгарым укуктарына кийлигишүүгө укуксуз. ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктар, аларды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык, финансылык жана башка каражаттарды өткөрүп берүү менен ыйгарылышы мүмкүн" (113-берене) деп айтылган.

**Терс гранттарды ЖӨБ органдары терс кабыл алат, жергиликтүү бийликтин каржылык суверенитетин өнүктүрүүгө шыктандырбайт жана алардын каржы ресурстарын мобилдештирүүгө кызыгуусун азайтат.**

Биздин баамыбызда, бул норма өлкөдөгү чыңалган каржылык кырдаалдын шарттарында айрым бир жергиликтүү органдар "ашыкча" каражаттарды алып, аларды маянаны жогорулатууга, машине, эмеректерди сатып алууга жана башка күнүмдүк чыгашаларга сарптайт деген Каржы министрлигинин күтүүсүнө байланыштуу сунушталып жаткан болушу мүмкүн. Экинчи жагынан жергиликтүү бюджеттерден каржы ресурстарын алып, Каржы министрлиги аларды республикалык бюджеттин "жыртыгын жамоого", б.а, ошол эле күнүмдүк чыгашалардын ордун толуктоого багыттайт деп божомолдосо болот.

Ашыкча ресурстар дайыма инвестицияларга, б.а., экономиканын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн камсыздай турган капиталдык чыгашаларга багытталыш керек.

Маалымат үчүн: 2012-2013-жылдары жергиликтүү бюджеттерде капиталдык салымдар бюджет чыгашасынын 1,5% тегерегин гана түзгөн (республикалык бюджетте – бюджет чыгашасынын 2% ашыгын).

Өнүктүрүү саясат институту ЖӨБ органдарын ресурстарды инвестициялык долбоорлорго багыттоого түрткөн жобону киргизүүнү сунуштайт. Мындай учурда жергиликтүү бийлик аймактарды өнүктүрүү фонддорунан 50% кем эмес көлөмдө кошо каржылоо түрүндө кепилденген каржылык колдоону алып туруш керек. Өкмөт бакубат ЖӨБ органдарын "тизмесине" алуу менен, аларга ыктымал донорлорду жана инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгуу боюнча техникалык жардамды издөөгө көмөктөшөт. Аймактарга инвестицияларды тартуу Кыргызстандын инвестициялык активдүүлүгүнүн жана экономикасынын өсүшүнүн кыймылдаткычы болуп берет.

## Жергиликтүү бюджеттердин ачык-айкындуулугу

Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери да бюджеттин ачык-айкындуулук маселесин талкуулого токтошту. Бюджеттик кодекстин долбоорунда "Коомдук бюджеттик угуулар" (121-бер.) беренеси каралган. Бирок анда бюджеттерди кароо жана бекитүү ачык жана эл алдында ишке ашырылары гана айтылат; коомдук угуулардын мазмуну жана жол-жоболору ачыкталган эмес. Бюджеттик кодекс долбоорунун башка нормалары (88-94, 95-97-бер.) да коомдук угууларды бюджеттерди карап чыгуу жана бекитүү процесси башталганга ЧЕЙИН аны уюштуруу жана өткөрүү талаптарын көрсөткөн эмес. Бюджет боюнча коомдук угуулардын натыйжалуулугун камсыздоо үчүн аларды өткөрүү милдеттүү болгонун гана эмес, ошону менен бирге коомдук угуулардын жол-жоболорун так сүрөттөп берүү зарыл.

Бюджеттин кыскача сүрөттөлүшүн алдын ала иштеп чыгууда же аны башка мүмкүн болгон ыкмалар менен ачыкка чыгаруу бюджеттик ачык-айкындуулукту жогорулатуунун маанилүү шарты болуп эсептелет. Угуулар өткөн күнү ЖӨБнын аткаруу органы катышуучуларды каттап (зарыл болгон учурда), протокол жүргүзүп, жыйынтыктоочу документтерди тариздөө менен алектениш керек. Коомдук угуулар аяктагандан кийин аткаруучу орган он күндүн ичинде талкуунун натыйжаларын жалпылаштырып, тариздеп, угуулардын жыйынтыгы боюнча кабыл алынган чечимдер тууралуу маалыматты калк арасында жайылтыш керек.

## Жергиликтүү бюджет жана аймактарды өнүктүрүү фонду

Бюджеттик кодекстин долбоорунда жергиликтүү бюджеттин жана аймактарды өнүктүрүү фондунун өзөктүк түшүнүгүн аныктоо талап кылынат.

Кодекс долбоорунун 12-беренесинде жергиликтүү бюджет – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тапшырмаларын жана функцияларын каржылык жактан камсыздоого арналган акча каражаттарынын фонду. Мындай аныктама жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү бюджеттин эсебинен жергиликтүү маанидеги маселелерди башкарууну жүзөгө ашыруу боюнча Конституция менен кепилденген укугун жана жөндөмдүүлүгүн көңүлгө албайт.

Ушул тапта иштеп жаткан 2003-жылдын 25-сентябрындагы №215 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржылык-экономикалык негиздери жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык, жергиликтүү бюджет – бул айылдык аймактын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын бюджети, аны түзүүнү, бекитүүнү жана аткарууну ЖӨБ органдары жүзөгө ашырат.

**Мыйзам долбоорунун 34-беренеси аймактарды өнүктүрүү фонду – өнүгүү бюджетинин ал-**

**кагында аймактарды өнүктүрүүгө багытталган инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууга арналган акча каражаттарынын фонду деп аныктаган.**

**Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери көбүрөөк даражада ачык-айкындуулук жана объективдүүлүк принциптерине шайкеш келген аныктаманы киргизүүнү сунуштайт. Аймактарды өнүктүрүү фонду – бул жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүү жана күтүү, максаттуу багыттагы башка иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн колдонулган, чегерүүлөрдүн (кирешелердин конкреттүү түрлөрүнөн) эсебинен түзүлгөн акча ресурстары.**

Кодекстин көптөгөн жоболорун кайра формулировкалап чыгуу зарылчылыгы алар өлкөдө учурда болуп жаткан көйгөйлөргө гана байланыштуу болуп, келечектеги өзгөрүүлөрдү эсепке албайт. Мисалы, мыйзам долбоорунда бюджеттин кирешеси анын чыгашасынан ашып калган учурда мамлекеттин саясаты кандай болоору айтылган эмес.

## Бюджеттер аралык мамилелер өлкөнүн келечектеги керектөөлөрүнө жооп бериш керек

Ошондой эле бюджеттер аралык мамилелердин сунушталган принциптери бюджеттер аралык мамилелердеги күнүмдүк көйгөйлөрдү чечүүгө да багытталган: чегерүүлөрдүн нормативдеринин туруксуздугу, мамлекеттик органдардын жергиликтүү бюджеттик процесске кийлигишүүсү ж.б. Бюджеттик системадагы мамилелердин жаңы, дагы да заман шартына ылайыкташкан моделине өтүү үчүн мыйзамдарды алкактарды түзүүгө багытташ керек.

Бюджеттер аралык мамилелердин жаңы принциптери чечим кабыл алууда өкмөттү өлкөдө мындан ары реформаларды өткөрүүгө багыттап туруш керек. Бюджеттер аралык мамилелер төмөнкү принциптерге таяныш керек:

1) Кыргыз Республикасынын башкаруу органдарына мыйзамдык ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү менен алардын бюджеттерине өз финансы каражаттарын бөлүштүрүү жана бекитүү;
2) башкаруу органдарынын жалпы финансы каражаттары мыйзам боюнча аларга бекитилген чыгашалуу ыйгарым укуктар менен бирдей өлчөмдө болуш керек;
3) аралаш ыйгарым укуктардын болгонун эсепке алуу менен мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгашалуу ыйгарым укуктарын ажыратуу;
4) жергиликтүү бюджеттердин каржылык камсыздалгандык деңгээлдерин бюджеттик теңдештирүүнүн жол-жоболору жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тандоо эркиндигин алардын компетенцияларынын чегинде чектебеш керек;
5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөргө байланыштуу бюджеттердин кирешелериндеги жоготуулардын же кошумча чыгашалардын ордун толуктоо;
6) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарындагы жоболорду сактабаганына байланыштуу учурларды кошпогондо, мамлекеттик органдардын жергиликтүү бюджеттердин бюджеттик процессине кийлигишүүсүн болтурбоо.

## “Таңсыктык” деген коркунучтуу сөз

Бюджеттик мыйзамдардын борбордук пункту болуп бюджет таңсыктыгынын чоңдугун жөнгө салган норма эсептелет. Мамлекеттик бюджеттин таңсыктыгын мыйзамдар менен чектөө практикасы тигил же бул түрүндө ар кайсы өлкөлөрдө колдонулат жана оң натыйжаларды алып келүүдө. Тилекке каршы бул маселе козголгон жок.

Кыргызстанда болсо колдонуудагы мыйзамдарда жана Бюджеттик кодекстин сунушталган долбоорунда бюджет таңсыктыгынын көлөмү жөнгө салынбай турганын белгилей кетүү керек.

Жалпы тарабынан таанылгандай, өлкөнүн тышкы карызынын босого көрсөткүчү ИДП 80%, ал эми бюджет тартыштыгыныкы – ИДП 3-5% болуп эсептелет. Анткен менен көптөгөн мамлекеттер жана интеграциялык бирикмелер практикада мындан да катаал нормаларды колдонуп келет. Айталы, Кыргызстан 2015-жылы кирүүгө ниеттенип жаткан Бажы биримдигине жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке мүчө өлкөлөрдө макулдашылган макроэкономикалык саясатты жүргүзүү тууралуу Макулдашуулардын алкагында мамлекеттин карызы ИДП 50 пайыз босогодон төмөн бойдон калыш керек, ал эми бюджет тартыштыгы ИДП 3% төмөн болуш керек. Мындан улам бюджет таңсыктыгынын көлөмүн, демек тышкы карыздын көлөмүн да чектеген укуктук алкактарды түзүү өлкөнүн ушул экономикалык интеграциялык бирикмелердин алкагында иштөө шартарынын институционалдашуусуна көмөктөшөт.

**Күнүмдүк чыгашалар боюнча тартыштыкты каржылоого тыюу киргизүү варианты көбүрөөк максатка ылайыктуу болуп турат.**

Эскерте кетели, тыштан алынган карыздын бир бөлүгү гана инвестицияларга багытталса, экинчи бөлүгү бюджеттин күнүмдүк чыгашаларын жабууга кетет. Өлкөгө инвестициялар керек, алар экономиканын өнүгүүсүнө, социалдык инфраструктураны жакшыртууга, ишкерчиликке дем берүүгө ж.б. салым кошот. Ал эми күндөлүк чыгашалар – бул биздин

күнүмдүк муктаждыктарыбызга колдонгон акча, б.а., аларды азыр жок кылып жатабыз, ал эми келечекте аларды үстөк пайыздар менен кайтарыш керек.

Бюджеттин теңдемделгендигинин "алтын эрежеси": күнүмдүк чыгашалар бюджеттин кирешелеринен ашпаш керек. Башкача айтканда, мамлекеттик бюджеттин таңсыктыгы өнүктүрүү бюджетинен жүзөгө ашырылган мамлекеттик инвестициялардын өлчөмүнөн ашып түшпөш керек.

Каржы министрлигинин маалыматы боюнча, өлкөнүн 2014-жылга бюджети бул эрежеге жооп берет. Башкача айтканда, мамлекеттик бюджеттин күнүмдүк кирешелери 99,1 млрд. сомду, ал эми күнүмдүк чыгашалар 97,5 млрд. сомду түзөт. Ошону менен 2014-жылы бюджет таңсыктыгы 9,4 млрд. сом өлчөмүндө мамлекеттик инвестициялар программасынын насыялары боюнча чыгашаларды камтыган өнүктүрүү бюджетинин бөлүгүнүн эсебинен пландалууда. Өнүктүрүү бюджетинин калган бөлүгү расмий трансферттердин жана күндөлүк кирешелердин эсебинен жабылат.

Башкача айтканда, Каржы министрлиги учурда (алкактык укуктук чектөөлөрсүз) ушул практиканы колдонууда. Формалдуу нормаларды киргизүү менен ведомствонун прогрессивдүү саясаты бекемделмек.

Кодекс долбооруна бюджеттердин артыкчылыгын аныктаган механизмди аныктаган нормаларды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик программалардын натыйжалуулугун баалоо тартибин да кошуу керек.

# БЮДЖЕТТИК КОДЕКСТИН ДОЛБООРУНА ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУНАН СУНУШТАР, КОММЕНТАРИЙЛЕР ЖАНА ТОЛУКТООЛОР

| Талкууланган вариант | ӨСИнин сунуштары |
|---|---|
| **2-берене. Ушул Кодексте колдонулган негизги түшүнүктөр жана терминдер** | Бул беренеге киреше потенциалы түшүнүгүн киргизүү зарыл.<br>**Жергиликтүү бюджеттин киреше потенциалы –** жергиликтүү бюджет экономикалык өнүгүү деңгээлинен, экономиканын структурасынан, ошондой эле салык базасынан улам, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү бюджетке түшкөн кирешелердин эсебинен алышы мүмкүн болгон кирешелерди баалоо.<br>Ошондой эле теңдөөчү гранттар тууралуу 52-беренеге өзгөртүүлөрдү киргизип, "кирешелер потенциалы" терминин "кирешелүү потенциалга" өзгөртүү зарыл. Бул болсо теңдөөчү гранттардын көлөмүн эсептөөдө принципиалдык мааниге ээ. |
| **6-берене. КР бюджеттик системасынын принциптери**<br>**6. Бюджеттердин өз алдынчалуулук принциби төм. билдирет:**<br>мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттер аралык трансферттер түрүндө алынган каражаттарды кошпогондо Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык каражаттарды пайдалануу багыттарын өз алдынча аныктоого укугу | Беренедеги "... бюджеттер аралык трансферттер түрүндө алынган каражаттарды кошпогондо" деген жерин алып салуу зарыл. Анткени теңдөөчү гранттар бюджеттер аралык трансферттердин бир түрү болуп эсептелет, бирок максаттуу багыты жок жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бул каражаттарды өз алдынча бөлүштүрүшөт. |
| **12-берене. Жергиликтүү бюджеттер (1-пункт)**<br>1. Жергиликтүү бюджеттер – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерин жана функцияларын каржылык жактан камсыздоого арналган акча каражаттарынын фонду | **12-берене. Жергиликтүү бюджеттер (1-пункт)**<br>1. Жергиликтүү бюджет – айылдык аймактын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын бюджети, аны түзүүнү, бекитүүнү жана аткарууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүзөгө ашырат.<br>Жергиликтүү бюджет – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерин жана функцияларын каржылык жактан камсыздоого арналган акча каражаттарынын фонду деген Бюджеттик кодекстин долбоорунда сунушталган аныктамасы жарандардын Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен белгиленген бюджеттик процесске катышуу принциптерин толук өлчөмдө чагылдырбайт |
| **12-берене. Жергиликтүү бюджеттер (2-пункт)**<br>2. Жергиликтүү бюджеттер жергиликтүү кеңештердин чечими менен бекитилет | **12-берене. Жергиликтүү бюджеттер (2-пункт)**<br>2. Жергиликтүү бюджеттерди ЖӨБ органдары түзөт, кабыл алат жана аткарат<br>Учурда 12-berененин 2-пункту ЖӨБОнын компетенциялары тууралуу толук маалымат бербейт |

| | |
|---|---|
| **23-берене. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик бюджеттик резерви**<br>1. Мамлекеттик бюджеттик резерв алдын ала болжоп айтуу мүмкүн болбогонунан жана учурдагы бюджеттик жылы токтоосуз каржылоону талап кылганынан улам бюджет долбоорун түзүүдө пландалбаган чыгымдарды каржылоо үчүн республикалык бюджеттин курамында түзүлөт.<br>2. Мамлекеттик бюджеттик резерв төмөнкүдөй жагдайларга байланыштуу чукул жана күтүлбөгөн зарылчылык жаралган учурларда колдонулат...<br>3. Мамлекеттик бюджеттик резервдин көлөмү мыйзам менен бекитилет ...<br>4. Мамлекеттик бюджеттик резервди колдонуунун багыттары жана көлөмдөрү тууралуу чечимди КР Өкмөтү кабыл алат ...<br>5. Колдонуу тартиби ...<br>6. Колдонуу тууралуу маалымат ... | 23-беренеге кошумча **7-пунктту** кошуу керек.<br>7. ЖӨБ органдарынын резервдик фонддору тийиштүү органдар тарабынан жергиликтүү бюджеттердин бекитилген кирешелеринен бир пайыздан ашпаган көлөмдө түзүлө алат (резервдик фондду эсепке албаганда)<br>Эскертүү:<br>*ЖӨБ органдары ошондой эле резервдик фонддорду түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуш керек* |
| **41-берене, 2-пункт.** Бюджеттер аралык мамилелер мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы функцияларды жана ыйгарым укуктарды так чектөөгө, республикалык жана жергиликтүү бюджеттер ортосундагы кирешелерди жана чыгашаларды бирдиктүү бөлүштүрүүгө, бюджеттик жөнгө салуунун методологиясынын жана принциптеринин бирдиктүүлүгүнө негизделген. | *“Бирдиктүү” термини “кирешелерди жана чыгашаларды бөлүштүрүү” түшүнүгүнө шайкеш келбейт.*<br>*Сөз жөнгө салуу жөнүндө эмес, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди башкаруу тууралуу жүрүүдө* |
| **42-берене.** Бюджеттер аралык мамилелердин принциптери<br>Бюджеттер аралык мамилелер төмөнкү принциптерге негизделет:<br>1) Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын ар бир бюджетине кирешелерди бөлүштүрүү жана бекитүү;<br>2) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша ыйгарым укуктарын туруктуу жана узак мөөнөттүү негизде ажыратуу;<br>3) бюджеттер ортосунда кирешелерди бөлүштүрүү нормативдерин узак мөөнөттүү негизде аныктоо;<br>4) теңдөөчү гранттар аркылуу жергиликтүү бюджеттердин бюджеттик камсыздалгандык деңгээлдерин теңдештирүү;<br>5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөргө байланыштуу бюджеттердин кирешелериндеги жоготуулардын же кошумча чыгашалардын ордун толуктоо;<br>6) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарындагы жоболорду сактабаганына байланыштуу учурларды кошпогондо, мамлекеттик органдардын жергиликтүү бюджеттердин бюджеттик процессине кийлигишүүсүн болтурбоо. | **42-берене.** Бюджеттер аралык мамилелердин принциптери<br>Бюджеттер аралык мамилелер төмөнкү принциптерге негизделет:<br>1) Кыргыз Республикасынын башкаруу органдарына мыйзам чыгаруучу ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү менен алардын бюджетерине өзүнүн финансы каражаттарын бөлүштүрүү жана бекитүү;<br>2) башкаруу органдарынын жалпы финансы каражаттары мыйзам боюнча аларга бекитилген чыгашалуу ыйгарым укуктарга шайкеш келиш керек;<br>3) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгашалуу ыйгарым укуктарын аралаш ыйгарым укуктардын болгонун эсепке алуу менен ажыратуу;<br>4) жергиликтүү бюджеттердин каржылык камсыздалгандык деңгээлдерин бюджеттик теңдештирүүнүн жол-жоболору жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тандоо эркиндигин алардын компетенцияларынын чегинде чектебеш керек;<br>5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөргө байланыштуу бюджеттердин кирешелериндеги жоготуулардын же кошумча чыгашалардын ордун толуктоо;<br>6) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарындагы жоболорду сактабаганына байланыштуу учурларды кошпогондо, мамлекеттик органдардын жергиликтүү бюджеттердин бюджеттик процессине кийлигишүүсүн болтурбоо;<br>*Учурда бюджеттер аралык мамилелердин принциптери бюджеттер аралык мамилелердеги азыркы көйгөйлөрдү чагылдырып турат: чегерүүлөрдүн туруксуз нормативдери, мамлекеттик органдардын жергиликтүү бюджеттердин бюджеттик процессине кийлигишүүсү ж.б. Мына ушуларды бюджеттер аралык мамилелердин жаңы моделин түзүү келечегин чагылдырган редакцияга киргизүүнү сунуштайбыз.* |
| **45-берене. Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери**<br>6) жаратылыш ресурстарын жана жер казынасын пайдалануу үчүн акы, анын ичинде муниципалдык менчикке кирген пайдалуу кендердин кен жатагын же казып алынуучу отундарды иштетүү | **45-берене. Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери**<br>6) жер казынасын пайдалануу үчүн лицензияны кармоого акы.<br>*жаратылыш ресурстары жана жер казынасы, анын ичинде пайдалуу кендердин кен жатагын же казып алынуучу отундарды иштетүү муниципалдык менчикте боло албайт.*<br>*Ошону менен бирге 2013-жылдан тарта өлкөдө жергиликтүү бюджеттин кирешесинин жаңы түрү киргизилген: жер казынасын пайдалануу үчүн лицензияны кармоого акы.* |

| | |
|---|---|
| **50-берене. Аралаш чыгаша милдеттенмелери (1-пункт)**<br>1.Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден чыгашалар жүзөгө ашырылат – аларга карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ушул Кодекске ылайык орнотулган максаттуу гранттар аркылуу каржылоо боюнча жоопкерчиликти бөлүштүрөт. | **50-берене. Аралаш чыгаша милдеттенмелери (1-пункт)**<br>1. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден чыгашалар жүзөгө ашырылат – аларга карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары чыгашаларды каржылоо боюнча жоопкерчиликти бөлүштүрөт, анын ичинде тийиштүү аймактагы мамлекеттик программалар жана жергиликтүү өнүктүрүү программалар боюнча.<br>*Иш жүзүндө экономика, коммуналдык тейлөө, социалдык маселелер, спорт ж.б. чөйрөлөрдө аралаш милдеттенмелердин кеңири тизмеги бар. Алар аралаш милдеттенмелер мүнөзүнө ээ, алар максаттуу трансферттер аркылуу каржыланбаш керек. Мындан тышкары учурда берилген каражаттар түрүндөгү трансферттин бир гана түрүн максаттуу трансферт деп шарттуу атаса болот.* |
| **52-берене. Теңдөөчү гранттар (2-пункт)**<br>2. Теңдөөчү гранттарды жергиликтүү бюджеттер Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен бирдиктүү методикага жана формулага ылайык эсептейт жана бөлүштүрөт. Алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша милдеттенмелерин аткаруу үчүн кирешелер потенциалы менен жергиликтүү бюджеттердин керектөөлөрү ортосундагы каржылык ажырымды эсепке алат. | **52-берене. Теңдөөчү гранттар (2-пункт)**<br>2. Теңдөөчү гранттарды жергиликтүү бюджеттер Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен бирдиктүү методикага жана формулага ылайык эсептейт жана бөлүштүрөт. Алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша милдеттенмелерин аткаруу үчүн **кирешелер потенциалы** менен жергиликтүү бюджеттердин керектөөлөрү ортосундагы каржылык ажырымды эсепке алат.<br>*Кирешелердин потенциалы – бул жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин иш жүзүндөгү көрсөткүчтөрүнүн орточо мааниси. Аны колдонуу ЖӨБ органдарынын өз кирешесин көбөйтүү өңдүү аракетин азайтуусуна таасирин тийгизет. Кирешелүү потенциал – бул кирешелердин эсептик көрсөткүчү, ошол кирешени ЖӨБ органдары тийиштүү аймакта чогулта алат. Бул көрсөткүчтү колдонуу теңдөөчү гранттардын көлөмү боюнча божомолду дагы да жүйөлүү, объективдүү жана алдын алуу айтууга мүмкүн кылат.* |
| **53-берене. Макаттуу гранттар**<br>Максаттуу гранттар төмөнкү учурларда берилет:<br>1) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук акттарын кабыл алуунун натыйжасында жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринде жоготуулар же кошумча чыгашалар пайда болгондо алардын ордун толуктоо үчүн;<br>2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мыйзамдын же келишимдин негизинде мамлекеттик органдардын айрым бир ыйгарым укуктарын өткөрүп берүүдө жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын каржылоо үчүн;<br>3) аралаш чыгаша милдеттенмелерин кошо каржылоону камсыздоо үчүн | **50-беренеден 3-пунктту алып таштоону жана инвестициялык долбоорлорго гранттар тууралуу жаңы пунктту кошууну сунуштайбыз.**<br>*3. Жергиликтүү жамааттардын инвестициялык долбоорлорун кошо каржылоо үчүн.*<br>*Аралаш милдеттенмелер өкмөт тарабынан түз каржылана алат (мектептеги билим берүү өңдүү). Биздин баамыбызда, жергиликтүү бюджеттерге бул үчүн каражат берүү максатка ылайыксыз болуп калат.*<br>*Экинчи жагынан алганда сунушталган тизмек толук эмес, ал жергиликтүү жамааттардын инвестициялык долбоорлорун кошо каржылоо үчүн гранттарды эсепке албайт.* |
| **54-берене. Терс гранттар**<br>1. Терс гранттар деп, эгерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик камсыздалгандыгы республиканын жергиликтүү бюджеттер боюнча бюджеттик камсыздалгандыгынын орточо маанисинен эки эседен ашык болуп калган учурларда жергиликтүү бюджеттен республикалык бюджетке которулган каражаттар эсептелет.<br>2. Терс гранттар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен бирдиктүү методикага жана формулага ылайык эсептелет, алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кирешелер потенциалы менен бюджеттик камсыздалгандыгынын орточо мааниси ортосундагы каржылык ажырымды эсепке алат.<br>3. Терс гранттардын көлөмү жана булагы республикалык бюджет жөнүндө мыйзам менен бекитилет.<br>4. Терс гранттарды республикалык бюджетке которуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте жүзөгө ашырылат, бирок ошол бюджеттик жылдын соңку жумуш күнүнөн кеч эмес мөөнөттө. | **54-беренени алып салууну сунуштайбыз.**<br>*Бул ченем Конституцияга карама-каршы келет (110-берене). Терс гранттар ЖӨБОнун каржылык өз алдынчалуулугуна жана алардын бюджет ресурстарын толуктоо үчүн демилге көтөрүп чыгууга болгон кызыкдарлыгына терс таасирин тийгизет.* |
| **80-берене. Жергиликтүү кеңештердин компетенциясы**<br>**81-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын компетенциясы** | *Белгиленген беренелерде "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамына шилтеме берүү менен гана ЖӨБ органдарынын компетенциясын санап отурбоону сунуштайбыз. "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамын кайталоо.* |

| | |
|---|---|
| **87-берене. Аймактарды өнүктүрүү программалары**<br>1.Аймактарды өнүктүрүү программалары – жергиликтүү деңгээлде каржыны башкаруу аспабы катары кызмат кылган, алдыдагы үч жылдык мезгилге фискалдык саясаттын негиздерин аныктаган жана жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын пландоо максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ресурстардын келечектеги көлөмү тууралуу элес берген документ.<br>2. Аймактарды өнүктүрүү программаларын ушул Кодекстин талаптарына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары түзөт. | **87-берене. Аймактарды өнүктүрүү программалары**<br>1. Аймактарды өнүктүрүү программалары – жергиликтүү жамааттын жана аймактын өнүгүү келечегин аныктаган, алдыдагы үч жылдык мезгилге фискалдык саясаттын негиздерин аныктаган жана жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын пландоо максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ресурстардын келечектеги көлөмү тууралуу элес берген документ.<br>2. Аймактарды өнүктүрүү программаларын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктап чыгуунун жана калктын катышуусу менен өнүктүрүү тапшырмаларын белгилөөнүн негизинде түзөт.<br>*Өнүктүрүү программасы каржыны башкаруу аспабы боло албайт, тескерисинче каржы – бул программаны ишке ашыруу аспаптарынын бири. Программаны иштеп чыгууда Бюджеттик кодексти колдонмого албайт, бул жарандардын катышуусуна жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине негизделген өзүнчө бир методология. Жалпысынан Бюджеттик кодекске тиешеси жок катары 87-беренени кыскартып, эки пункт менен чектөө сунушталат.* |
| **116-берене. Мамлекеттик ички аудит**<br>1. Мамлекеттик ички аудит – бюджеттик мекеменин ичинде жасалган көз карандысыз жана объективдүү функция, ал өзүнө ички көзөмөл системасынын адекваттуулугуна жана натыйжалуулугуна жасалган анализди, баалоону жана мониторингди; каржы жана башкаруучулук маалыматтардын ишенимдүүлүгүн жана шексиздигин; иштин жана башкаруунун натыйжалуулугун, үнөмдүүлүгүн жана эффективдүүлүгүн; активдердин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын сакталышын камтыйт. Ички аудит бюджеттик мекеменин жетекчилигине бухгалтердик эсеп, бюджеттик, оперативдик отчеттуулук жана ички көзөмөл системасынын сапаты тууралуу ички булактардан алынган маалыматты берет.<br>2. Ички аудиторлордун кесипкөй деңгээлине жана сертификацияга байланыштуу талаптарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.  Мамлекеттик сектордун ички аудит системасы ички аудит боюнча Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат. | **Кошумча 3-пунктту киргизүүнү сунуштайбыз**<br>3. ЖӨБ органдарында ички аудитти Каржы министрлиги жүзөгө ашырат.<br>*Бюджеттик кодекстин сунушталган долбоорунан ЖӨБ органдары “түшүп калууда”, алар ички аудит системасына тартылган эмес.* |
| **121-берене. Коомдук бюджеттик угуулар**<br>1.КР бюджеттик системасынын бюджеттерин кароо жана бекитүү мамлекеттик же мыйзам менен корголгон сырды камтыган маселелер каралган учурларды кошпогондо, ачык жана эл алдында жүзөгө ашат.<br>2.КР бюджеттик системасынын бюджет долбоорлору милдеттүү коомдук талкуудан өтүүгө тийиш. | **121-берене. Коомдук бюджеттик угуулар**<br>1.Коомдук бюджеттик угуулар – бул республикалык же жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу маселелерин ачык талкуулоо формасында уюшкан иш-чара. Ал коомдук пикирди билүү, сунуштарды жана сунуштамаларды алуу, калктын кызыкчылыктарын эсепке алуу менен чечим кабыл алуу үчүн бийликтин аткаруу органдарынын демилгеси менен өткөрүлөт.<br>2. Бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрүү тууралуу чечим кабыл алынгандан кийин тийиштүү аткаруу органы коомдук угууларга эки апта калганда бюджеттин кыскача сүрөттөлүшүн иштеп чыгып, аны массалык маалымат каражаттарында жарыялап, же мүмкүн болгон башка жолдор менен элге жеткириш керек.<br>3. Угуулар өткөн күнү аткаруу органы катышуучуларды, массалык маалымат каражаттардын өкүлдөрүн (зарыл болгон учурда) каттап, протоколду жүргүзүүнү жана жыйынтыктоочу документтерди тариздөөнү камсыздайт.<br>4. Аткаруу орган коомдук угуулар өткөндөн кийин он күндүн ичинде анын жыйынтыктарын жалпылаштырат жана угуулларды жыйынтыктары, ошондой эле анын натыйжасында кабыл алынган чечимдер тууралуу маалыматты калк арасында жайылтат.<br>*Бул ченемде угууларга түшүнүк берилбейт жана анын жолжоболору ачылган эмес, анын ордуна бюджет долбоорлорун кароодо ачыктык тууралуу жалпы жоболор гана берилген. 22-берененин 1-2-пункттарын 23-главага (Бюджет долборлорун түзүү) которууну сунуштайбыз (88-берене).* **М** |



*Меняла и его жена*
*(Сарап жана анын жубайы)*
*Мариус ван Реймерсвале*

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ САЛЫКТАРДЫ башкарууда ЖӨБ органдарынын укуктарын жана ыйгарым укуктарын кантип ишке ашырса болот?

**Асылбек ЧЕКИРОВ,** ӨСИ менеджери
**Ирина КАН,** КР Экономика министрлигинин башкы адиси

Шаардык жана айылдык аймактардын деңгээлинде каржы ресурстарын башкаруу системасын өркүндөтүүгө карата 2013-2017-ж.ж. мезгил аралыгына Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү программасы төмөнкүдөй милдеттерди алдына коёт: бюджеттик, салыктык жана башкача дем берүүнүн механизмдери менен ЖӨБнын ички каржы ресурстарын издөө мүмкүнчүлүгүн караштыруу; жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн божомолдоодо, салыктын айрым бир түрлөрүн башкарууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы менен өз ара мамилелер системасын куруу.

Алдыга коюлган тапшырмаларды чечүү үчүн КР Өкмөтү КР Салык кодексине бир катар өзгөртүүлөрдү киргизүү демилгесин көтөрөт, ал эми КР Жогорку Кеңеши аларды жактырат. Ошол өзгөртүүлөр менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү салыктарга жана патенттин негизиндеги салыктарга карата белгилүү бир укуктарга жана ыйгарым укуктарга ээ болот.

Өзөктүк өзгөртүү болуп КР Салык кодексине жаңы 52-1-беренени киргизүү эсептелет. Ал ЖӨБ органдарына өз аймагында салыктарды жыйноону жүзөгө ашыруу, белгилүү бир даражада чарба

жүргүзүүчү субъекттердин ишин салык органдарында катталган предметине жана салыктарды өз убагында төлөгөнүнө көзөмөл жүргүзүү жана текшерүү, ошондой эле салыктык укуктук мамилелерде башка аракеттерди жүзөгө ашыруу укугун берет.

Бул түзөтүүлөр 2013-жылдын 20-февралында кабыл алынган, бирок узак убакыттан бери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары механизмдердин жоктугунан улам өз укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап келишкен. Мындан тышкары 52-1-беренесиндеги нормалардын башка мыйзамдар менен белгилүү бир карама-каршылактары болуп келген.

Ченемдик базаны мындан ары да иштеп чыгуу зарылдыгын эсепке алуу менен КР Өкмөтү КР Каржы министрлигинин, Мамлекеттик салык кызматынын, Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттеринин катышуусу менен Салык кодексинин нормаларын ишке ашыруу боюнча Колдонмо иштеп чыгуу үчүн ведомстволор аралык жумушчу топту түздү. Топтун ишинин жыйынтыгында КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 23-июлундагы №413 "Салыктык укуктук мамилелер чөйрөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтому кабыл алынды. Жобо төмөнкүдөй принциптерге негизделген:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары МСК органдарынын ишин кайталабаш керек; өз ара аракеттешүү аракеттерди ажыратуу жана макулдашуу принциптерине таяныш керек;
- 52-1-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына Мамлекеттик салык кызматынан (МСК) ыйгарым укуктар кайтарымсыз берилбей турганын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына салыктык укуктук мамилелерди ишке ашырууга гана укуктар берилерин так түшүнүп алыш керек. Эгерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бул укукту колдонсо, анда алар үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында салыктык укуктук мамилелерди аткаруу боюнча милдеттенме жана жоопкерчилик башталат;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ушундай укуктарды жана ыйгарым укуктарды берүү маанилүү. Анткени ошолордун негизинде алар жергиликтүү бюджеттин кирешесин көбөйтүп алмак. Ошону менен бирге жалпысынан салык саясаты МСКнын артыкчылыктуу укугу бойдон кала берет. Анын ичинде жергиликтүү салыктар жана патенттин негизинде салыктар боюнча пландык көрсөткүчтөрдү аткаруу маселелери МСК жоопкерчилигинде кала берет. Ошону менен бирге Жобонун нормаларын аткарууда жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн толуктоо боюнча ЖӨБ органдарынын аракеттери жалпысынан жергиликтүү салыктардын жыйымдарын жана патенттин негизинде салыктарды көбөйтүүгө жол берет;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишке ашыра келгенде кызматкердин билимине жана тажрыйбасына, каржылык жана техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө шайкеш келе турган ыйгарым укуктарга ээ болуш керек. Ошондуктан ЖӨБ органдарына МСК ИСНАК автоматташтырылган системасынын иштешине байланыштуу (салык төлөөчүлөрдү эсепке алуу, каттоо, отчетторду кабыл алуу, салыктарды чегерүү, маалыматтык эсептерди кабыл алуу, салыктык бересени өндүрүп алуу жол-жоболору ж.б.) ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилбейт;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына белгилүү бир укуктарды жана ыйгарым укуктарды берүү менен, биз ишкерлердин укуктарын да унутпашыбыз керек жана отчет тапшыруу мезгилинде, ошондой эле салыктык текшерүүлөр учурунда алар ишкерлердин абалын татаалдаштыра турган шарттарды түзбөш керек. Ошондуктан салык төлөөчүлөрдөн отчетторду кабыл алуу, мажбурлап өндүрүп алуу ж.б. жаатында ЖӨБ органдарынын укуктары чектелген.

Ушул принциптерди аныктап чыгып, жумушчу топ салыктык укуктук мамилелер чөйрөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу тартиби жөнүндө убактылуу жобо иштеп чыкты. Ушул документтин маанисин жана зарылчылыгын эске алуу менен анын айрым өзөктүү бөлүмдөрүнө жана пункттарына кененирээк токтололу.

## ЖӨБнын биринчи кезектеги кадамдары

ЖӨБ органдарынын салыктык укуктук мамилелер боюнча өз укуктарын жана ыйгарым укуктарын ишке ашыруусу өкмөттүн ушул токтомун аткаруу боюнча аракеттерди жүзөгө ашыруу тууралуу ченемдик актыны жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынуусунан башталыш керек. Жергиликтүү кеңеш кабыл алган чечимдин негизинде ЖӨБнын аткаруучу органы буйрук чыгарат. Анда төмөнкүдөй өзөктүк аракеттер аныкталат:

- ушул токтомдон улам чыккан салыктык маселелерди иштеп чыгуу жана аткаруу боюнча функцияларды жана ыйгарым укуктарды ЖӨБнын аткаруу органынын айрым кызмат адамдарына ыйгаруу,
- МСКнын аймактык органдары менен өз ара аракеттешүү жана отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жооптуу кызмат адамдарын аныктоо,
- ыктыярдуу патенттерди узартуу үчүн атайын мөөрлөрдү даярдоо,
- башка зарыл аракеттер (кирешелер боюнча адистердин функционалдык милдеттенмелерин иштеп чыгуу, штаттык ырааттамадагы түзүмдүк өзгөрүүлөр ж.б.).

## Жергиликтүү салыктарды жыйноо боюнча ыйгарым укуктарды ЖӨБнын аткаруу органдарынын жүзөгө ашыруусунун тартиби

"Жергиликтүү салыктарды жыйноо боюнча ыйгарым укуктарды ЖӨБнын аткаруу органдарынын жүзөгө ашыруусунун тартиби" аттуу 2-бөлүмдө төмөнкүдөй учурларга көңүл буруу маанилүү. Биринчиден, жер салыгын жана мүлк салыгын төлөөнү камсыздоо үчүн үймө-үй кыдыруу, анын ичинде банктын бөлүмдөрү, же төлөм терминалдары болбогон аймактарда ошол эле жерден эле 04 формасындагы дүмүрчөктү берип, төлөтүп алуу укугу ченемдик жактан ЖӨБнын аткаруу органдарынын өкүлдөрүнө берилет. Ушул тапта мындай практика МСК менен ЖӨБ органдарынын өз ара мамилелеринде бар, бирок ал мурда бейформал мүнөзгө ээ болчу жана укуктук жактан бекитилген эмес. Бул болсо ЖӨБ өкүлдөрү менен жарандар ортосундагы жаңжалдык кырдаалды пайда кылчу. Экинчиден, МСК органдарынын ЖӨБ органдары менен өз ара аракеттешүүсүнүн жана ЖӨБ органдарынын отчеттуулук боюнча милдеттенмелеринин тартиби берилген.


*Сборщики податей (Салык жыйноочулар). Мариус ван Реймерсвале*

## Патенттин негизинде салыктарды жыйноо боюнча ыйгарым укуктарды ЖӨБнын аткаруу органынын жүзөгө ашыруусунун тартиби

"Патенттин негизинде салыктарды жыйноо боюнча ыйгарым укуктарды ЖӨБнын аткаруу органынын жүзөгө ашыруусунун тартиби" бөлүгүндө ЖӨБ органдарына патенттин мөөнөтүн узартуу боюнча ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилгени өзөктүк учур болуп эсептелет. Мында патентти берүү укугу МСК органдарынын карамагындагы иш бойдон кала берет. Себеби патентти берүү жол-жобосу ИСНАК базасында автоматтык түрдө каттоого байланышкан, ал ЖӨБ органдарына колдонууга берилбейт. Бул бөлүмгө кошумча төмөнкүдөй нормаларга көңүл буруу керек.

ЖӨБ органдарына талаптар коюлган: 3 күндө бирден кем эмес жолу МСК органдарына узартылган патенттер боюнча маалыматтардын реестрин жиберип туруу. Иш жүзүндө өзгөчө алыскы аймактар үчүн бул талапты ишке ашыруу татаал. Ошондуктан реестрди сканерден өткөрүлгөн түрүндө жиберүү үчүн электрондук почтаны колдонуу сунушталат, кийин сканерден өткөрүлгөн реестрлерди түп нускасына алмаштырып коюу керек.

Банк бөлүмү болбогон айылдык аймактарда гана (бардык шаарларда банктын бөлүмдөрү бар) 04 дүмүрчөгүн берүү менен акча каражаттарын кабыл алууга уруксат бар. Патенттин мөөнөтү бүтүп калганы ИСНАК базасында төмөнкүдөй болуп көрүнөрүнө көңүл буруу керек: патенттин мөөнөтү бүтөрүнө 3 күн калганда жашыл, эскертүүчү "баскыч" күйөт, мөөнөт бүткөндөн кийин кызылы күйөт. Ошондуктан маалымат өнөктүгүн өткөрүп, айыл өкмөттүн кызматкери акчаны банктын бөлүмүнө жеткиргенге

үлгүрүп калуусу үчүн салык төлөөчүлөрдү патенттин мөөнөтү бүткөнгө чейин 3 күн мурда 04 формадагы дүмүрчөк боюнча салыкты төлөөгө милдеттендириш керек. Бул тапшырма татаал болгонун түшүнүү менен ЖӨБ органдарына МСК органдары менен биргеликте 04 дүмүрчөгүн колдонуу менен иш алып баруудан баш тартуу үчүн банк жана жергиликтүү ишкерлер менен айыл өкмөтүнүн аймагында төлөм терминалын орнотуу боюнча жумуштарды жасаш керек.

Милдеттүү патент үчүн узартууну караштырган патенттин формаларына өзгөртүүлөрдү киргизгенге чейин ушул бөлүмдө көрсөтүлгөн Жобонун нормалары иштебей турат. Ушул тапта патенттин формасы бир жолку мүнөзгө ээ, аны МСК органдары берет жана каттайт.

Патенттин мөөнөтүн узартуудан баш тартуу же аны жокко чыгаруу маселелери боюнча ЖӨБ органдары менен МСК ортосундагы өз ара аракеттешүү жана ыйгарым укуктарды ажыратуу тууралуу берилген Жобонун 17-пунктуна көңүл буруу сунушталат.

## Жергиликтүү салыктардын суммасын жана 04 формадагы дүмүрчөктү берүү менен патенттин негизиндеги салыкты өндүрүп алуунун тартиби

“Жергиликтүү салыктардын суммасын жана 04 формадагы дүмүрчөктү берүү менен патенттин негизиндеги салыкты өндүрүп алуунун тартиби” бөлүмү банк бөлүмү болбогон жана 04 дүмүрчөгүн колдонууга уруксат берилген айылдык аймактар үчүн гана күчкө ээ. Ушул тапта МСК саясаты салыкты нак акча менен алуудан бара-бара баш тартууга багытталган, бирок бул практика шаарларда да бар, ошондуктан ЖӨБ органдарынын акчаны түздөн-түз кабыл алган жол-жобону жөнгө салуу керек. ЖӨБ органдарынын төмөнкүдөй маанилүү укуктары жана ыйгарым укуктары аныкталган.

- ЖӨБ органдары рейддик көзөмөлдү жүргүзүп жатканда 04 дүмүрчөгүн берүү менен акча каражаттарын кабыл алуу укугу ченемдик жактан бекитилет.
- Кыянаттык менен пайдалануу жана акча уурдоо тобокелчилигин жокко чыгаруу үчүн ЖӨБ органдары жасаш керек болгон иштер белгиленди.
- 04 дүмүрчөгүн колдонуу боюнча отчеттуулуктун катаал тартиби аныкталды.

Иш жүзүндө суроо пайда болот: ЖӨБ органдарынын кызматкерлери салык төлөөчүдөн акча кабыл алганда банктын кызмат көрсөтүүсү үчүн 04 дүмүрчөгүндө көрсөтүлбөгөн акы эмне болот? Бул акчаны жергиликтүү бюджеттин кирешесинде көрсөтпөстөн кошумча ведомость аркылуу кабыл алуунун учурдагы практикасы ченемдик жактан бекитилген эмес, каржылык тартипти бузат жана текшерүүчү органдар тарабынан санкцияларды колдонуу ыктымалдуулугун пайда кылат.

Ошону менен бирге “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Мыйзамда ЖӨБ органдарына муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча реестрине ээ болуу укугун берген норма каралган. Ошону менен салык төлөөчүлөр үчүн банктын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн акыны салык төлөөчүлөрдөн кызмат көрсөтүү үчүн акчаны кабыл алуу жана жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен банктын акысын жүргүзүү боюнча ЖӨБ органдарынын кошумча кызмат көрсөтүүлөр реестрине кошсо болот.

## ЖӨБнын аткаруу органдарынын салыктык көзөмөлдү жүргүзүү тартиби

“ЖӨБнын аткаруу органдарынын салыктык көзөмөлдү жүргүзүү тартиби” бөлүмү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына рейддик салыктык көзөмөлдү жүргүзүү жана салыкттык постту орнотуу боюнча ыйгарым укуктарды берет. ЖӨБ органдарынын рейддик салыктык көзөмөлдү жүргүзүүсүнүн өзгөчөлүктөрү төмөнкүдө камтылган.

Рейддик салыктык көзөмөлдү жүргүзүү учурунда ЖӨБнын аткаруу органдарынын кызматтык адамдары салык органдарында салык төлөөчүнүн салыктык жана учеттук каттоо фактысын жана ыктыярдуу патенттин негизинде салык төлөгөн фактыны текшерүү укугуна ээ. 52-1-беренеде кошумча норма киргизилгенин белгилей кетүү зарыл. Анда салыктык рейддик көзөмөлдү жүргүзүү учурунда жергиликтүү салыкты жана патенттин негизиндеги салыкты төлөө фактысы текшерилсе болот деген норма киргизилген. Тилекке каршы бул норма ушул Жобого кирбей калды, бирок Салык кодексинин нормасы катары түз аракетке ээ.

Бир салык төлөөчүгө карата рейддик салыктык көзөмөлдү жылына 12 жолу өткөрүүгө уруксат берилгени белгилүү. Жобого ылайык, МСК органдары жана ЖӨБ органдары ошол жылдын 1-декабрына чейинки мөөнөттө кийинки жылга графикти жана салыктык көзөмөлдү жүргүзүү убактысын макулдашат. Бул болсо текшерүүлөрдү кайталап калбоо жана ишкерлерге ыңгайсыздык жаратпоо үчүн жасалган.

Салыктык тартип бузуу аныкталганда ага реакция жасоонун тартиби боюнча Жобонун 34-38-п.п. көңүл буруу зарыл. Анда рейддик көзөмөл актысынын негизинде МСК органдары 10 күндүн ичинде мыйзамдарга ылайык тартип бузуучуга карата чара көрүш керек деген норма киргизилген. Ошону менен бирге “Административдик жоопкерчилик жөнүндө” Кодекс МСК органдарына ЖӨБ органдарынын актыларынын жана протоколдорунун негизинде административдик укук бузуу жөнүндө токтом чыгаруу мүмкүнчүлүгүн караштырбайт. Бул маселени чечүү үчүн Токтомдун 2-п. КР Экономика министрлигине үч айлык мөөнөттүн ичинде “Административдик жоопкерчилик жөнүндө” Кодекске өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл деп көрсөтүлгөн. Анда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын административ-

дик укук бузуулар жөнүндө ишти кароого ыйгарым укуктуу катары аныктоо жагы каралган. Бирок "Административдик жоопкерчилик жөнүндө" Кодекске түзөтүүлөрдү киргизгенге чейин рейддик салыктык көзөмөлдү жүргүзүү маалындагы аракеттер мыйзамдын талаптарына ылайык өткөрүлүш керек. Башкача айтканда, рейддик салыктык көзөмөлдү бөлүп алуу жана өткөрүү графигин ЖӨБ органдары менен МСК органдары өз ара макулдашып алат, бирок рейддик салыктык көзөмөлдү өткөрүүгө жазма эскертүүгө МСК органынын жетекчиси гана кол коёт. ЖӨБ органынын өкүлү рейддик салыктык көзөмөлдү жүргүзүчү топко кошулат. "Административдик жоопкерчилик жөнүндө" Кодекске түзөтүүлөрдү жана толуктоолорду кабыл алганга чейин административдик укук бузууларга реакция жасоо боюнча калган жол-жоболор колдонуудагы мыйзамдарга ылайык өткөрүлөт.

52-1-берене жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын салыктык постту орнотуу укугун декларациялайт. Бирок маселе салыктык пост жергиликтүү салыктарга жана патенттин негизиндеги салыктарга карата орнотулбаганында жатат. Практикада бул норма салыктын ушул түрлөрүнө карата иштейт деген күмөн жаратат. Ошондуктан акциз алдындагы товарларды чыгарган; нөлдүк көрсөткүчтөр менен отчет берген; тамак-аш, соода чөйрөсүндө иштерди жүзөгө ашырган; пайдалуу казындыларды казып алуу иштерин жүзөгө ашырган субъекттерге карата салыктык постту орнотуу методу менен салыктык көзөмөлгө ЖӨБ органдарынын катышуусуна карата Салык кодексинин беренелери Жободо көрсөтүлгөн. Жогору аталган учурлар боюнча салыктык пост ЖӨБ органдарынын эмес, МСК органдарынын чечими менен орнотулат.

## Салык салынчу объекттер жана салыктык мыйзамдар боюнча ЖӨБ органдары менен салык кызматынын органдары ортосунда өз ара мамилелерди жүзөгө ашыруу тартиби

"Салык салынчу объекттер жана салык мыйзамдары боюнча ЖӨБ органдары менен салык кызматынын органдары ортосундагы өз ара мамилелерди жүзөгө ашыруу тартиби" аттуу 6-бөлүмдөгү жоболорду ишке ашырууда ЖӨБ органдарынын жакшы мүмкүнчүлүгү пайда болууда.

Салык кызматынын органдарынын милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- ЖӨБ органдарына катталган салык төлөөчүлөрдүн тизмесин жана жергиликтүү салыктар менен патенттин негизиндеги салыктар боюнча бересенин суммасын,
- ыктыярдуу патенттин негизинде салыктын тизмесин жана коюмдарын,
- жергиликтүү салыктар жана патенттин негизиндеги салыктар боюнча салык төлөөчүлөрдүн салыктык милдеттенмелери тууралуу жалпылаштырган маалыматтарды жиберүү.

Көңүл бурчу жагдай, ЖӨБ органдарынын суроо-талабы боюнча салык органдары салыктык бересе-селер жана ага карата көрүлүп жаткан чаралар, ошондой эле жергиликтүү бюджетке түшүп жаткан башка салыктар тууралуу маалымат беришет. МСК органдарынан түшкөн маалыматтын негизинде ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн дагы да сапаттуу жана жүйөлүү түзө алышат.

## Салык бересесин өндүрүп алуунун жана салык төлөөчүгө карата мажбурлап өндүрүп алуу чараларын көрүүнүн тартиби

ЖӨБнын аткаруу органдары "Салык бересесин өндүрүп алуунун жана салык төлөөчүгө карата мажбурлап өндүрүп алуу чараларын көрүү тартиби" аттуу 7-бөлүмдөгү нормаларды ишке ашыруусу үчүн карызы бар салык төлөөчүлөргө карата МСК органдарынан түшкөн маалыматтарга, ошондой эле рейддик салыктык көзөмөлдүн натыйжалары боюнча алынган маалыматтарга анализ жүргүзүү керек. ЖӨБнын аткаруу органдары анализдин негизинде карызы бар жана МСК органдарынын ушул кезге чейин чара көрбөгөн салык төлөөчүлөрдүн тизмесин түзөт.

Жобонун 51-54-п. ылайык, МСК органдары ЖӨБ органдарынын суроо-талабы боюнча чечим кабыл алууга жана салыктык карызды өндүрүп алууга карата иш-аракеттерди дасоого милдеттүү. Ошону менен бирге МСК органдары төмөнкүдөй үч учурду кошпогондо ЖӨБ органдарына мындай суроо-талап боюнча баш тартууга укугу жок:

- салыктык бересесин тааныган факты болбогондо;
- салыктык текшерүү жүргүзгөн маалда;
- салыктык бересе боюнча чечимге карата даттануу мезгили учурунда.

ЖӨБ органдары колдонуудагы мыйзамдарга ылайык Салык кодексинин 52-1-беренесинин 4-бөлүмүндө көрсөтүлгөн милдеттенмелерди бузган же аткарбай койгон учурда жоопкерчиликке тартыла турганы белгиленди.

* * *

Албетте Өкмөттүн 2013-жылдын 23-июлундагы №413 "Салыктык укуктук мамилелер чөйрөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтому жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатууга шарт түзүп, ЖӨБ органдарына жергиликтүү бюджеттин кирешелерин көбөйтүүгө жана жалпысынан шаардын, айылдык аймактын өнүгүүсүнө таасир этүү мүмкүнчүлүгүн берет. M



# Айыл өкмөтү жана айылдык кеңеш – бул бүркүттүн эки канаты

## жана алардын үндөш кыймылы жергиликтүү өз алдынча башкарууну көтөрүп кетет

## Жалал-Абад облусунун пилоттук айылдык аймактары арасында тажрыйба алмашуу сапары мына ушундай ураан алдында өттү

**Гуляим ШАМШИДИНОВА,**
ӨСИнин ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

**Жай мезгилинин этегинде ЭҮЖӨБОЖ Долбоору муниципалитеттердин 51 өкүлү, анын ичинде Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы 21 айылдык аймактан 34 айыл өкмөт башчысы жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн кайрадан тажрыйба алмашуу боюнча сапар уюштурду. Бул жолу алыска сапар тартып, ал жеңил болгон жок – ашуулар жана татаал жолдор аркылуу муниципалдык лидерлер бюджеттик процесске жарандарды тартуу жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү практикасын өздөштүрүү максатында Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районуна жол тартышты. Сапардын өзөктүк темасы айылдык кеңештин, айыл өкмөтүнүн жана жергиликтүү жамааттын өз ара аракеттешүү системасы, ошону менен бирге Тогуз-Торо жана Көк-Ирим айылдык кеңештеринин регламентинин жаңы редакциясына ылайык ачык сессияларды өткөрүү мисалы болуп калды.**





## Сапат белгиси алдындагы сессия

Коноктор жаңы регламенттин алкагында жергиликтүү кеңештин иши менен таанышууну Тогуз-Торо айылдык кеңешинин ачык сессиясына катышуудан башташты. Сессиянын күн тартибинде төмөнкү маселелер турду: айыл өкмөт башчысынын 2014-жылдын алгачкы жарым жылдыгы үчүн отчету, анын ичинде жамаат менен биргелешкен аракеттердин Планын ишке ашыруу тууралуу отчет жана туруктуу комиссияларда жана биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунда (БМжБ) жыйынтыктарды талкуулоонун натыйжалары, ошондой эле экинчи жарым жылдыкка АӨ башчысынын АК төрагасына кайрылуусунун негизинде кеңештин иш планындагы өзгөрүүлөр жана толуктоолор. Коноктордон тышкары ачык сессияга Тогуз-Торо аймагынын жергиликтүү тургундарынын арасынан 39 киши, анын ичинде 18 аял катышты. Жарандардын сессиянын ишине катышуусу маалымат өнөктүгүнүн жардамы менен камсыздалды – жергиликтүү активисттерге жана жамааттын лидерлерине чакыруу баракчалары таратылып, коомдук жерлерде жарыялар илинди.

Тогуз-Торо айылдык кеңешинин сессиясы төрага Акыл КӨЧӨРБАЕВдин саламдашуусунан башталды жана катуу регламентке ылайык болду. Андан кийин АӨ башчысы Рахатбек АБДЫКАДЫРОВ айыл өкмөтү 2014-жылдын биринчи жарым жылдыгында аткарган иштин натыйжалары тууралуу айтып берди. Анын тыянактарын тастыктоо же четке кагуу үчүн туруктуу үч комиссиянын төрагаларына сөз берилди. Ал комиссиялар: бюджет, экономика, айыл чарба жана инвестициялар боюнча комиссия, социалдык маселелер, маданият, ММК менен кызматташтык боюнча комиссия, мыйзамдуулук, курулуш, транспорт, депутаттык этика боюнча комиссия. Алардын ар бири айыл өкмөттүн ишинин жыйынтыктарын өз багыты боюнча баалап, кемчиликтерди көрсөтүп, жетишкендиктерди баса белгилешти. АК төрагасынын сөзү интригалуу учур болуп калды, ал айыл өкмөттүн ишин сынга алды. Ал өзгөчө салыктардын айрым түрлөрү (ыктыярдуу патент, транспорт салыгы) боюнча бюджеттин киреше бөлүгү аткарылбаганын айтып, таштанды чыгарууга, көчөлөрдү жарыктандырууга, алыскы айылда мончонун курулушуна, калк менен иш алып барууга карата эскертүүлөрдү берди. Регламентке ылайык ачык добуш берүү сессиянын кульминациялык учуру болуп калды. Анын жүрүшүндө кеңештин 11 депутатынын тогузу айыл өкмөтүнүн ишин канааттандырарлык деп табууну чечишти, ал эми экөө “каршы” добуш беришти. Сессия ЖӨБнын аткаруу органынын отчетун кабыл алган кеңештин сапаттуу ишинин үлгүсүн көрсөттү.

Андан кийин депутаттар экинчи маселени карашты – экинчи жарым жылдыкка АК иш планына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү. АК төрагасынын орун басары өз баяндамасында кеңештин иш планына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн негизги себептерин атады – жамаат менен биргелешкен аракеттердин Планын жана анын аткарылышынын натыйжаларын бекитүү зарылчылыгы. Анткени депутаттар өз планына айыл өкмөтүнүн жамаат менен иш алып барган планын кошуу маанилүү деп чечишти.

Конокторго сессиянын ишинин жыйынтыгын баалоо сунушталды. Бул үчүн алар атайын анкетадагы суроолорго жооп берип, өз муниципалитеттеринде процессти жакшыртуу үчүн сунуштарын беришти. Мисалы: аткаруу органынын ишин азыркыдан да маани берип баалоо; бюджеттин аткарылышы тууралуу көбүрөөк маалымат берүү; күн тартибиндеги маселелер тууралуу калкка жана депутаттарга алдын ала кабар берүү; ачык сессия учурунда калктын пикирин угуу; сын сөздөрдүн тең салмактуулугуна көз салуу жана жеке пикир келишпестиктен оолак болуу. Ошондой эле коноктор өздөрүнүн сынчыл эскертүүлөрүн да кошушту. Мисалы, сессиянын башында жарандарга алар талкууга кантип катыша алары (суроо узатып, сунуштарын берүү) түшүндүрүлгөн жок; АК төрагасы айыл өкмөттүн ишин өтө эле сындап, эмоционалдуу баалады. Ошону менен бирге сессияга күбө болгондордун дээрлик бардыгы жарандардын ачык сессиянын ишине катышуусу пайдалуу гана эмес, ошол эле кезде муниципалитеттин жашоочулары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишинин маңызын жакшыраак түшүнүп, депутаттардын жана ЖӨБнын аткаруу

органынын ишинин сапатын адекваттуу баалоосу үчүн зарыл экенин белгилешти.

Талгат МУКАЛАЕВ, Кара-Жал АК төрагасы: *“Эгерде жергиликтүү кеңештердин бардык сессиялары ушул өңдүү өткөрүлгөндө, анда Кыргызстан мурда эле өнүккөн өлкөгө айланмак. Сессияя абдан жакшы өттү, туруктуу комиссиялардын жакшы даярдыгы, АК төрагасынын натыйжалуу иши көрүнүп турат. Пикирди билдирүү зарыл, бирок айыл өкмөттүн иши курч жана кескин, балким өтө эле кескин бааланды”*.

Нурмырза АБДЫРАМАНОВ, Авлетим АӨ башчысы: *“АӨ башчысы сессияга өзүнүн аппараты менен келгени мыкты болду. Ар бир бөлүм АК депутаттарынын суроолоруна жоопторду өзү бериш үчүн мына ушундай болуш керек”*.

Анара КУЛЖАБАЕВА, Жаңы-Жол АӨ башчысынын орун басары: *“Сессия абдан кызыктуу өттү. Өзгөчө туруктуу комиссиялардын ишинин жыйынтыгы каралган бөлүгү жакты. Бирок депутаттар да айыл өкмөт башчысы чакан бюджет менен аймактын көйгөйлөрүн жалгыз чече албастыгын унутпаш керек. Кеңеш акча бөлүү тууралуу чечимди тынбай кабыл ала бериши мүмкүн, бирок маселенин чечилиши иш жүзүндө акча каражаттарынын болуп-болбогонунан көз каранды. Өзгөчө курч кырдаал дотациядагы айылдык аймактарда түзүлгөн. АК менен АӨ иши ушунчалык өз ара байланышта экен. Өз ара аракеттешүү жана кызматташтык болбосо, бардык аймактын өнүгүүсү тууралуу сөз да жүрбөйт”*.

Үмөталы ТОКТОШЕВ, Көк-Таш АӨ башчысынын орун басары: *“Мен Тогуз-Торо айылдык кеңештин сессиясынын жыйынтыгын жогору баалайм. Айыл өкмөтү жана айылдык кеңеш – булар бүркүттүн эки канаты жана алардын үндөш кыймылы гана жергиликтүү өз алдынча башкарууну көтөрүп кетет”.*

Ярасулбек МОЛДОБАЕВ, Курманбек АӨ башчысы: *“Кеңештин төрагасы айыл өкмөт башчысын колдош керек. Эгерде бардык иш сынга гана таянса, анда өнүгүү да болбойт. Төрага менен башчынын биргелешкен иши гана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун түшүмүн берет. Ал эми кеңештин депутаттары аткаруу органынан инвестицияларды тартууну талап кыла бербестен, өздөрү да бул процесске активдүү катышыш керек”*.

Тогуз-Торо кеңешинин тажрыйбасын үйрөнүп, Көк-Ирим айылдык аймагынын кеңеш төрагасы Билал КАСЫМКУЛОВдун баяндамасын уккан соң сапардын катышуучулары жергиликтүү кеңештердин туруктуу комиссияларынын иши канчалык жооптуу жана натыйжалуу болору тууралуу маанилүү тыянак жасашты. Адатта Кыргызстандын элеттик муниципалитеттеринде бюджеттик жана жер комиссиялары гана салыштырмалуу туруктуу иштейт. Ал эми сессиянын ишин даярдоо боюнча калган бөлүк айыл өкмөттүн аппаратына, же кээде жалгыз гана жооптуу катчынын мойнуна жүктөлөт. Натыйжада кеңештин сессиясына чыгарылган көптөгөн маселелер чийки, изилденбеген болуп, аналитикалык коштоосуз калууда. Бул болсо сессия учурунда көптөгөн талаш-тартыштарга жем таштап, убакытты жана күчтү алып коет, натыйжада кабыл алынган чечимдердин сапатына да таасирин тийгизет. Тогуз-Торо айылдык аймагы жергиликтүү кеңештин сессиясын ирээттүү жана натыйжалуу даярдоонун жана өткөрүүнүн жакшы үлгүсүн көрсөттү. Бул жерде бардык суроолор алдын ала иштелип чыгып, чечимдер сапаттуу кабыл алынды.

## Теорияда жана практикада: кеңештин жана БМжБ тобунун иши

Жергиликтүү кеңештин сессиясына катышуу жолу менен практикадан өтүүдөн тышкары, сапардын катышуучулары эки тренингден өтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Алар: Типтүү регламентке ылайык кеңештин сессиясын өткөрүү тартиби боюнча жана кеңештин жана анын туруктуу комиссияларынын иш планы боюнча. Талкуунун жүрүшүндө катышуучулар










кеңеш үчүн акталдуу болгон көптөгөн маселелерди көтөрүштү. Аларга Өнүктүрүү саясат институтунун ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун укуктук маселелер боюнча адиси Бектур ОРОЗБАЕВ жооп берди (24-беттеги "Жергиликтүү кеңештин депутатына жардамга" аттуу макаланы окуңуз).

Тогуз-Торо ААнын БМжБ тобунун ишинин жыйынтыгы тууралуу баяндама чоң кызыгууну жаратты. Баяндаманы топтун жетекчиси Базаркүл АБДРАХМАНОВА сунуштады. БМжБ тобунун ишинен практикалык кандай пайда бар деген суроого, баяндамачы ойлонбостон буларды айтты: *"Натыйжаларын жыйындар залында өзүңөр деле көрүп турасыңар – чоң терезелер. Биздин топ өз убагында жасаган эскертүүсүнөн кийин бул жер жарык жана кенен болуп калды. Б.а., кичинекей терезелердин ордуна чоңдорун коюшту. Ошондой эле биздин эскертүүбүздөн кийин жолдордун сапаты бир кыйла оңолду. Сурамжылоо жүргүзгөн учурда көптөгөн жашоочулар айыл өкмөтү КТК чогултуу жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашырарын билишти. Анткен менен айыл бир топ тазара түшкөнүн белгилешти. Атүгүл сурамжылоо жүргүзүү процессинин өзү да адамдарды таасирлентти. Анткени жашоочулар айыл өкмөтүн чындап эле алардын пикири кызыктырарына ынанышты. Ошондой эле жарандар айылды жарыктандыруу жаатында кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына наараэылыгын билдиришти. Демек айыл өкмөтү бул маселени чечүүнүн үстүнөн иш алып барыш керек".*

## Эски жаңы тааныштар – маалымат бюллетени жана ...

Тогуз-Торо району сыймыктанчу дагы бир нерсе бар. Мисалы, эки пилоттук айылдык аймакта квартал сайын (Тогуз-Торо АА) жана ай сайын (Көк-Ирим АА) бюллетендер чыгып турат. Мындай практика Кыргызстандын элеттик муниципалитеттеринде өтө чанда кездешет. Ошондуктан маалымат бюллетендери тууралуу баяндама толтура суроолорду жаратты. Өзгөчө бул ЖӨБнын көптөгөн лидерлери маалымдоо боюнча адис үчүн өзүнчө бир штаттык бирдикти түзүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугуна даттанып жүргөнүнө байланыштуу маселе. Иш жүзүндө чоң каалоо жана эч кандай сыйлык албастан, акысыз негизде бюллетен чыгаруу менен алектенген айыл өкмөтүнүн кызматкерлери менен калктын арасынан кайдыгер эмес демилгечилер болсо эле маселе чечиле турганы белгилүү болду. Бул практикада кантип ишке ашарын өз баяндамасында Көк-Ирим ААнын салыктар боюнча инспектору Паризат НАЙМАНОВА айтып берди. Паризат бюллетенди даярдоо процессине, уюштуруу иштерине жана айыл өкмөтү менен ЖӨБнын он бир өкүлүнөн турган редакциялык топтун ролуна кенен токтолду. Редакциялык кеңештин курамына кимдер кирет деген суроого Паризат редакциялык кеңештин курамында жергиликтүү кеңештин депутаттары, мугалимдер жана демилгелүү топтордун өкүлдөрү бар болгонун айтты. Ошону менен бирге айыл өкмөттүн ар бир адиси өз иши тууралуу кеңири маалымат даярдап берет, бул болсо жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата ишенимининин артышына көмөктөшөт. Чогулуштар жана жыйындар учурунда муниципалитеттин ар бир бөлүмчөсүнүн иши тууралуу кеңири маалыматты дайыма эле ачып берүү мүмкүн болбогондуктан, көпчүлүк жашоочулар чогулуштарга катышпагандыктан жана дегеле маалымат албагандыктан улам да бюллетень жакшы "иштейт", себеби ал ушул маселелерди чечүүгө жардам берет.

Албетте сапардын катышуучуларын чыгашалар, ай сайын бюллетенди чыгарууну ким каржылайт өңдүү суроолор кызыктырды. Көрсө Көк-Ирим айыл өкмөтүнүн ар бир адисинде компьютер бар экен, биринчи чыгарылышы үчүн адистер картридж менен кагазды өз каражатына сатып алышкан. Андан кийин ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунан ноутбукту жана көп функционалдуу принтерди техникалык жардам катары алышкан. Үчүнчү чыгарылыш жергиликтүү бюджеттин эсебинен чыккан. Редакциялык кеңештин мүчөлөрү кандайдыр бир кошумча сыйакы албастан иштешет, өздөрүнүн жеке фотоаппараттарын колдонушат.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Жалал-Абад облусундагы аймактык өкүлү Сатыбалды САРТМАНБЕТОВ калктын маалымдуулугу боюнча маселени чечүү





жаатында Көк-Ирим ААнын ишинин жыйынтыгын чыгарып жатып буларды айтты: *“Мына ушундай чакан бюджет менен (дотациядагы Көк-Ирим ААнын бюджети миллион сомго да жетпейт) эч кандай долбоорлорсуз жана сырттан жардам албастан маалымдоо боюнча ишти уюштурса болоруна таң калып турам. Демек муну башкалар да жасай алат”*.

Албетте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерин маалымат бюллетенин чыгаруу иши менен мындан ары да акысыз алектендире берүүгө болбойт. Бирок прецедент бар жана чакан сый акы болсо, же башка, материалдык эмес дем бергенде мындай ишти уюштурууга болот. Ар бир ЖӨБ органынын калкка айтчу жана көрсөтчү иши бар, ар бир муниципалитет калк менен байланыш түзүүгө муктаж. Ал эми сыйакы тууралуу айтсак... Дайыма башка жолун тапса болот. Мисалы, демилгечилерге кандайдыр бир жеңилдиктерди берип, диплом менен сыйлап, тажрыйба алмашуу боюнча сапарларга же квалификацияны жогорулатуу курстарына жиберип, же башка ыкмаларды колдонсо болот.

## жана ... маалымат тактасы

Маалымат тактасы – баналдуу, бирок эскирбеген калкты маалымдоо каражаты, ал өзүнүн актуалдуулугун жана натыйжалуулугун жоготпой келет. Муну Тогуз-Торо районундагы маалымат тактaлары дагы бир жолу далилдеди. Үч аймактагы такталарда бир топ пайдалуу маалымат жайгаштырылган: кеңештин иш планы, шайлоо округдарынын схемасы, туруктуу комиссиялардын иш планы, кеңештин



сессиясынын графиги, депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчетунун графиги, кеңештин токтомдору, депутаттардын иши тууралуу отчеттор, кеңештин жана анын туруктуу комиссияларынын түзүмү, анын ичинде депутаттардын сүрөттөрү жана алар тууралуу жеке маалымат – жаш курагы, билими, иш тажрыйбасы, мобилдик телефондун номуру. Жашоочулар алардын депутаты ким, кайсы комиссияда экенин, комиссия эмнелер менен алектенип жатканын, тигил же бул маселе боюнча качан жана кимге кайрылса болору тууралуу билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мындан тышкары сапардын катышуучулары айыл өкмөтүнүн имараттарында айыл өкмөтүнүн ар бир бөлүмү тууралуу маалымат такталарын көрүштү.

Мисалы, Каргалык айыл өкмөтүнүн имаратында “Таза кызмат” муниципалдык ишканасынын бөлмөсү жана анын маалымат тактасы менен таанышуу кызуу талкуулар менен аяктады. Ал жерде уюштуруучулук түзүм, иш планы, кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифи жана башка пайдалуу маалыматтар жайгаштырылган экен. Сапардын катышуучулары муниципалдык ишкана ишин качан баштаганына, штаты кандай экенине, уставды иштеп чыгууда юридикалык жардамды ким жүзөгө ашырганына, кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер кантип орнотулганына кызыгышты.

Катышуучулардын пикири боюнча, мындай көлөмдөгү зарыл маалымат жайгаштырылган такталар жакшы үлгү, көптөр анын мазмунун мобилдик телефондоруна сүрөткө тартып алып, аларды өз ишинде колдонуу ниети бар болгонун айтышты.

## Жарандардын катышуусу аркылуу жамаатты өнүктүрүү

Сапардын жүрүшүндө муниципалитеттердин өкүлдөрү бир катар объекттерди кыдырып чыгышты. Ошондой объекттердин бар болгону жана алардын абалы жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен жарандар биргелешип иш алып барганда кандай ийгиликтүү натыйжаларга жетсе болорун жакшы көрсөтүп турат.

Тогуз-Торо айылдык аймагындагы 2012-жылдын





октябрында ишке киргизилген, 372 окуучу билим алган жана 40 мугалим иштеген жаңы №4 Иманберди уулу Иса атындагы орто мектеп өзгөчө таасир калтырды. Бул мектептин уникалдуулугу – калктын демилгеси менен республикалык бюджеттен дем берүүчү грант катары 49 млн. сом өлчөмүндө каражат бөлүнгөн, ал эми жергиликтүү жамаат ашар жолу менен 1,5 млн. сомдон ашык суммага курулушту кошо каржылаган. Тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучуларын чоң, жарык тийип турган, заманбап, жаңы эмеректер жана кооз методикалык пособиялар, интерактивдүү такталар жана компьютерлер менен жабдылган класстар таң калтырды. Манас классы да кайдыгер калтырган жок. Бул класс эпостон алынган жана бардык белгилүү манасчылардын сүрөттөрү менен жасалгаланган.

Каргалык АА калктын демилгеси менен пайда болгон объекттерди көрсөтүштү. Алар – курулуп жаткан “Айдай” бала бакчасы жана чакан футбол талаасы. 75 орунга эсептелген бала бакчанын курулушуна жергиликтүү бюджеттен 10 млн. 100 миң сом бөлүнгөн (ичин жасалгалоо гана калды, 2015-жылдын январында объектти ишке киргизүү пландалууда). ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун эксперти Жоодар ЖУМАГУЛОВ мындай объекттерди курууда өкмөттүн сметалары 70 млн. сомго чейин жетерин, бул жерде реалдуу смета иштелип чыкканы жана курулуш жергиликтүү бюджеттен каржыланганы Каргалыктын артыкчылыгы экенин белгиледи.

Каргалыктар өзгөчө сыймык менен конокторго заманбап технологиялардын жардамы менен жабдылган чакан футбол талаасын көрсөтүштү: талаа жасалма чөп менен төшөлгөн, бийик тордон тосмолор жана жарык өткөрүлгөн. Талаада балдар чыныгы футболдук шаймандар менен футбол ойноп жаткан экен. Айрым катышуучулар чыдабай кетип өздөрү да балдар менен кошо топ тебише кетишти. Талаанын курулушуна кеткен 1,5 млн. сом өлчөмүндөгү чыгымды депутат Азиз ЖАНЫКЕЕВ жана анын үй-бүлөсү демөөрчүлөр катары көтөрүштү. Кеңештин сессиясында №62 токтом менен объект Абдраимов атындагы орто мектептин балансына өткөрүлүп берилген. Анткени объект ошонун аймагында курулган. Бул мисал башкаларга да жагып, эми ушул өңдүү футбол талаасы кошуналарда да пайда болот – Тогуз-Торо аймагы объектти куруу үчүн каражатты ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун гранттык сынагын да утуп алды.

Көк-Ирим ААда айылдык кеңештин төрагасы Билал КАСЫМКУЛОВ жергиликтүү кеңештин депутаттарынын иш бөлмөлөрүн сыймыктануу менен көрсөттү: “Көп убакыт бою иш үчүн жайы жок болгондуктан кеңештин депутаттары айыл өкмөттүн бөлмөлөрүндө иштеп жүрүштү. Муниципалитет ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун пилоту болгондон кийин депутаттар үчүн “Жергиликтүү кеңештин ишин уюштуруунун негиздери” деген аталышта тренинг өттү. Баамыбызда, ал бизге өз ишибизге башкача көз менен кароого жардам берди. Өз жайыбыздан баштайын деп чечтик: айыл өкмөтү бөлмө бөлүп берди, депутаттар акча чогултуп, аны жасалгалашты. Эми депутаттар да ыраазы, шайлоочулар үчүн да кеңеш менен баарлашуу үчүн шарттар түзүлдү. Ошондой эле депутаттардын демилгеси менен айыл өкмөттүн



имаратынын алдында маалымат тактасын орнотуу чечими кабыл алынды. Бул үчүн акча бөлүп, фундаментин куюп койдук. Бирок каржылоонун жетишсиздигинен улам мына ушуну менен иш токтоп калган. Жардамга ЭҮЖӨБОЖ Долбоору келди. Долбоор беш метрлик маалымат тактасын орнотууга жардам берди, ал жерге болсо айыл өкмөттүн жана жергиликтүү кеңештин иши тууралуу бардык зарыл маалыматтар жайгаштырылды".

Сары-Булуң АА башчысы Тойгонбай МОЛДОБАЕВдин баяндамасы да таасирлүү болду. Ал ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун пилоттук муниципалитети болбостон эле долбоор менен кызматташтыктан пайда таба алды. Сары-Булуң АА башчысы долбоордун негизги пайдасы – бул билим экенин, аны пилоттук өнөктөштөрдүн катарына кирбестен деле алса болот деп туура бүтүм чыгарган. Ошондуктан башчы долбоор муниципалитеттер үчүн уюштурган бардык иш-чараларга үзгүлтүксүз катышып турду. Натыйжада айылдык аймак жарандарды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу моделин өз алдынча киргизе алды: өздөрүнүн күчү менен ЭКБА-сессиялар өткөрүлүп, 18 артыкчылыктуу көйгөй аныкталып, 3 демилгелүү топ түзүлүп, жамаат менен биргелешкен аракеттер Планы иштелип чыгып, 8 чогулуш (443 киши, анын ичинде 170 аял катышты), үч коомдук угуу өттү (255 киши, 120 аял). Мындан улам ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун чакан гранттар сынактык программасына катышкан Сары-Булуң АА балдардын оюн аянтчасын куруу боюнча "Балдар биздин бактыбыз" долбоорун ишке ашыруу үчүн 1 млн. сом өлчөмүндө грант утуп алганы таң калычтуу деле эмес. Баса, жергиликтүү бюджети миллион сомго жетпеген Сары-Булуң АА айыл өкмөтүнүн жаңы имаратын жана жаңы мектепти куруп жатканы инвестициялар менен иш жолго коюлганынан кабар берет. Башчынын айтымында, ЭҮЖӨБОЖ Долбоору ЖӨБ ишинде көп багыттар боюнча баалуу тажрыйба жана билим алууга жол ачып, практикалык аракеттерге түрткү берди. Аны менен катар калк менен кантип иш алып барыш керек, чогулуштарды жана коомдук угууларды кантип туура өткөрүү зарыл, инвестицияларды кантип тартса болот ж.б. боюнча маалыматтар баа жеткис болду.

## КОРУТУНДУ

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ЖӨБ органдары менен иштөө боюнча адиси Жоодар ЖУМАГУЛОВ: "Менин баамымда, тажрыйба алмашуу сапары ийгиликтүү болду, себеби алдыга коюлган максаттарга жеттик. Темалар толугу менен ачылып берилди, катышуучуларга талкууга катышуу, өз тажрыйбасы менен бөлүшүү, сунуштарын берүү мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Бардык катышуучулар келечекте өз муниципалитеттеринде ишти жолго салууга жардам бере турган жаңы билимге, көндүмдөргө ээ болушту. Сапардын катышуучуларын кабыл алган муниципалитеттер абдан жакшы даярданышкан экен – жоопкерчиликтүү мамиле, командалык иш (депутаттар жана АӨ кызматкерлери бир бүтүн болуп иштешти), конокторго меймандос мамиле өзгөчө таасир калтырды".

Өнүктүрүү саясат институту Тогуз-Торо районунун аймагында тажрыйба алмашуу сапарын өткөрүү идеясын колдоп берген жана иш-чараны даярдоо жана уюштуруу процессине активдүү катышкан, конокторду жеке өзү кабыл алып, кайра узаткан район акими Тилек ИДИРИСОВго ыраазычылыгын билдирет. Ыраазычылык сөздөрү акимдин орун басары Гүлжамал СУЛТАНГАЗИЕВАга да жолдонот. Ал даярдоо иштерине активдүү гана катышпастан, ошондой эле эки күндүк тажрыйба алмашуу сапарынын бардык иш-чараларына коноктор менен бирге катышты.

Өнүктүрүү саясат институту жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана мамлекеттик бийлик органдарынын жетекчилерин райондук, облустук, республикалык деңгээлдерде тажрыйба алмашуу боюнча ар түрдүү иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү жаатында демилге көтөрүүгө жана активдүүлүгүн көрсөтүүгө чакырат: "Башкалар сенин тажрыйбаңды үйрөнгүсү келгени ишиңдин сапаты жогору болгонун жана сен тандаган жол туура экенин таануу болуп эсептелет. Бул адамга ишеним берип, кесиптик жана жеке турмушта ийгиликтерге жеткени үчүн канааттануу сезимин тартуулайт" (Льерка Крнкович, каржы министри, Хорватия). М





# Жергиликтүү кеңештин депутатына жардамга

**Бектур ОРОЗБАЕВ,**
ӨСИнин ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун укуктук маселелер боюнча адиси

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адистери депутаттардан түшкөн көп сандагы суроолорду алуу менен жергиликтүү кеңештер үчүн бир топ консультацияларды өткөрүп турат. Алардын көбү айылдык кеңештин депутатынын ишин уюштуруу процессине тиешелүү. Сиздин көңүлүңүзгө алардын айрымдарына жоопторду сунуштайбыз.**

**СУРОО. Айылдык кеңештин сессияда кабыл алынган бардык эле токтомдорду сөзсүз жарыялаш керекпи? Же айылдык аймактын бардык жашоочуларына тиешелүү эң маанилүүлөрүн гана жарыяласа болобу?**

ЖООП. Айылдык кеңештин бардык токтомдорун сөзсүз жарыялаш керек. Анткени ал басылмага чыкпаса, элге жарыяланбаса юридикалык күчкө ээ болбойт, ал эми кабыл алынган чечим аткарууга жатпайт. КР Конституциясынын 6-беренесинин 4-пунктуна ылайык, мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды (анын ичинде жергиликтүү кеңештердин токтомдорун) расмий жарыялоо алардын күчүнө кириши үчүн милдеттүү шарт болуп эсептелет.

**СУРОО. Кеңештин токтомунун текстине сессияда айтылган депутаттардын бардык суроолорун, сунуштарын, тапшырмаларын камтыш керекпи, же аларды протокол менен тариздеп, аткаруучуга өткөрүп берсе болобу?**

ЖООП. Жергиликтүү кеңештин сессиясында суроолорду талкуулоо учурунда депутаттарда баяндамачыга тигил же бул тапшырма боюнча суроо-





лор, сунуштамалар пайда болушу мүмкүн. Мындай учурда токтомдо негизги сунуштамаларды кыскача баяндап, аларды аткаруу мөөнөтүн белгилеп коюш керек. Токтомдун аткарылышы үчүн көзөмөлдү тийиштүү туруктуу комиссияга жүктөп койгон туура болот. Аткаруу мөөнөтү соңуна чыкканда аткаруучу кеңештин сессиясында отчет берүүгө милдеттүү. Эгерде сессия учурунда докладдын темасына тиешеси жок суроолор же сунуштар айтылса, анда аларды өзүнчө протоколдук тапшырма катары тариздеп, кимге даректелсе, ошого аткаруу үчүн өткөрүп берсе болот. Бул суроолор жана сунуштар боюнча кеңештин токтомун кабыл алуу керек эмес, бирок протоколдук тапшырманы аткарууга көзөмөл туруктуу комиссияга жүктөлүш керек.

### СУРОО. Сессияга катышкан жарандарды жана расмий адамдарды депутаттарга тааныштырыш керекпи?

ЖООП. Кеңештин сессиясына жергиликтүү кеңештин депутаттары болуп эсептелбеген жарандар катышкан учурда айыл өкмөттүн жооптуу катчысы аларды каттайт жана алар тууралуу маалыматтарды протоколго киргизет. Андан кийин айылдык кеңештин регламентине ылайык, катчы аларды регламенттин талаптары, сессияга катышуу тартиби жана этика талаптары менен тааныштырат. Эгерде катышуучулар сессиянын тартибин бузса, төрага бир нече жолу эскертүү жасай алат жана андан кийин регламентти бузган катышуучуларды отурум залынан чыгаруу тууралуу жол-жоболук маселени добушка коет. Конокторду депутаттар менен тааныштырбаса да болот. Депутаттар сөз сүйлөр алдында же каяша сөзгө чыкканда өздөрүн тааныштырса болот.

### СУРОО. Айылдык кеңештин депутаттары мурдагы чакырылыштагы депутаттар кабыл алган чечимди жокко чыгара алабы?

ЖООП. Эгерде мурда кабыл алынган чечим мыйзамдардагы ченемдерге карама-каршы келсе, ага белгиленген мөөнөт соңуна чыккан учурда жокко чыгара алат. Мындай учурда депутаттар карама-каршылыктарды мыйзамдын ченемдерине шилтеме жасоо менен негиздеп бериш керек. “КРнын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” КР Мыйзамынын 10-беренесине ылайык, кеңештин токтому төмөнкү учурларда өз күчүн жоготот:

- кеңештин токтому же анын тийиштүү пункттары эсеп кылынган мөөнөт бүткөндө;
- мурда кабыл алынган токтомдун жоболоруна каршы келгенде же мурда кабыл алынган токтом өзүнө сиңирип алган жаңы токтом кабыл алынганда;
- мыйзамдарда белгиленген тартипте айылдык кеңештин токтомдору (анын пункттары) сот тарабынан конституциялык эмес же жараксыз деп табылганда;
- айылдык кеңеш өз токтомун (пункттарын) күчүн жоготту деп тапканда же анын аракеттеринин (пункттарын) колдонулушу токтото турулганда.



### СУРОО. Айылдык кеңештин депутаттары бир эле адамды биринчи мөөнөтү аяктагандан кийин айылдык кеңештердин биргелешкен отурумдарынын төрагасы деп шайлай алабы?

ЖООП. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 21-1-беренесиндеги ченем төмөнкүдөй логиканы караштырат. Жергиликтүү кеңештердин биргелешкен отурумунун төрагасы, президиум, катчылык жана эсеп комиссиясы бир жылга шайланат. Президиумдун, катчылыктын, эсеп комиссиясынын жана жергиликтүү кеңештердин биргелешкен отурумунун төрагасы ушундай эле тартипте жана мөөнөткө шайланыш керек. Бул ченемден улам жергиликтүү кеңештердин биргелешкен отурумдарынын төрагасы жана башка айтылган органдар бир гана жылга шайланыш керек. Кийинки жылы башка талапкерлер шайланууга укуктуу. Ошол эле кезде “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 21-1-беренесинин 9-бөлүгү депутаттарды бир эле адамды кайрадан шайлоого так эрежелерди көрсөткөн эмес жана аларды чектебейт. Ошондуктан депутаттар ушул эле адамды төрага кылып кайрадан шайлоо укугунан колдоно алса болот.

### СУРОО. Айылдык кеңештин төрагасы бир жылдык мөөнөткө шайлана алабы?

ЖООП. Жок. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 37-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, айылдык кеңештин төрагалары айылдык кеңештин сессиясында жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө жашыруун добуш менен депутаттардын ичинен шайланат. Башкача айтканда, мыйзамда көрсөтүлгөн жүйөлөр болбосо жана ээлеген кызматынан бошотулуп калбаса же кызматтан кетүү тууралуу арызды өз алдынча жазбаса эле төрага кеңештин ошол чакырылышынын мөөнөтү соңуна чыкканга чейин шайланат. М

Даярдаган Лариса ЛИ

# ЖӨБ – прокуратура: тирешүүдөн кызматташтыкка

Биздин өлкөдө жарыяланган коррупция менен аёосуз күрөш калктын бардык катмарларына таасирин тийгизди. Анткени бул балекет бийликтин жогорку тепкичтерине гана эмес, ишкерлер чөйрөсүнө да, социалдык секторго да, карапайым адамдардын турмуш-тиричилигине да жетти. Бул тууралуу акыркы жылдары көп чыгып, Кыргызстандагы коррупцияга жүргүзүлгөн түрдүү изилдөөлөр жана мониторингдердин натыйжалары айтып жатат. Түрдүү ракурстардан көрүнүштү көңүл салып изилдөө өлкөнүн андан кийинки өнүгүүсү жана коом үчүн коррупциянын кесепеттеринин тереңдигин жана терс таасирин түшүнүүгө болот. Анткен менен эксперттер кезектеги мониторингден кийин жасаган тыянактар кээде талаштуу да болуп калат.

Айталы, Башкы прокуратура эң коррупциялашкан структуралардын рейтингин түзүп, бул кара тизменин баш сабына жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын койгон. Муну сандык көрсөткүчтөрдөн улам – мыйзам бузуулардын суммасы боюнча жасаган. Натыйжада Салык жана Бажы кызматтары, соттор, атүгүл МАИ да ЖӨБдөн кийинки тепкичтерге жайгашкан.

Албетте мындай тыянакка баары эле макул боло берген жок, изилдөөчүлөргө биринчи кезекте муниципалитеттер тарабынан көптөгөн суроолор пайда болду. Айыл өкмөтүндө да коррупциялык фактылар жана көрүнүштөр орун алганын эч ким жокко чыгарбайт. Бирок ал жакта иштегендер атайын эмес, билимдин, маалыматтын жетишсиздигинен же укуктук сабатсыздыктан улам мыйзамды бузган учурлар көп кездешет. Ушул себептерден улам терс кесепеттерге алып келчү иштерди болтурбоо максатында, ошондой эле коррупция менен күрөштө ЖӨБ менен көзөмөл органдарынын биргелешип аракеттенүүсү үчүн Өнүктүрүү саясат институту өз ара пайдалуу байланыштар үчүн аянтча түзүү демилгеси менен чыкты. Июнь айында ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун кызматкерлери Жалал-Абад облусунун аймактарында “ЖӨБ органдарынын ишмердигиндеги мыйзамдарды бузууну болтурбоо” темасына бир катар окутуучу семинарларды өткөрүштү.

### Билимге толгон үч күн[1]

16-июнда Сузактагы мейманканалардын бириндеги жыйындар залында семинардын 50гө жакын катышуучусу чогулду. Алар – райондогу 13 айылдык аймактын өкүлдөрү, арасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары, депутаттар бар. Алардын баары прокуратура кызматкерлери жана Эсептөө палатасынын инспекторлору менен жолугушууга келишти.

Семинарды ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун улуттук программалар боюнча менеджери Асылбек ЧЕКИРОВ ачып, катышуучуларды Өнүктүрүү саясат институтунун ишмердиги, долбоордун милдеттери менен тааныштырып, ушул иш-чараны өткөрүүгө түрткү болгон себептер тууралуу айтып берди.

Сузак районунун прокурору Талантбек АКЫШЕВдин маалыматы да өзгөчө пайдалуу болду. Ал өз баяндамасын прокуратура органдарынын ишинин системасына, ЖӨБ органдары кайсы мыйзамдарды көп бузарына, коррупциялык жана башка кылмыштарды алдын алуу жана аларды болтурбоонун ыкмаларына арнады. АКЫШЕВдин айтымында, адатта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары көп кетирген мыйзам бузуулар Эмгек кодексин жана ченемдик укуктук актар тууралуу мыйзамдарды, муниципалдык менчикти башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарды, жер маселелери, жарандардын кайрылууларын кароо жөнүндө мыйзамдарды ж.б. сактабоого байланыштуу болот.

Күтүлгөндөй эле прокурорго суроолор көп болду. Алар жергиликтүү жамааттын турмуш тиричилигинин түрдүү чөйрөлөрүнө жана тармактарына тийиштүү болду. Бирок алар көбүнчө жергиликтүү кеңештердин ишмердигине, ролуна жана ыйгарым укуктарына байланыштуу болду. Залдагы адамдар прокурордун өзүнөн төмөнкү суроолорго жооп алууга умтулушту: Айылдык кеңештин төрагасы кызматтык жак болуп эсептелеби? Жергиликтүү депутаттар кеңештин мурдагы курамы кабыл алган токтомдорду өз алдынча жокко чыгара алабы? Туруктуу бюджеттик комиссиянын атынан депутаттар айыл өкмөтүнүн бухгалтердик ишмердигин текшерүүгө укуктуубу?

Талантбек АКЫШЕВге баа бериш керек, суроолорго так, түшүнүктүү жана сылык жооп берип турду. Анткени андан ар кандай себептер менен жогору жакка даттангандан жадабаган, көп учурда ЖӨБ органдарынын ишине тоскоол болгон жаны тынбаган арызчыларга кандай мамиле жасарын уккусу келгендер да болду. Себеби эрежеге ылайык, эмгекчилдердин катына реакция – бул текшерүүлөр эмеспи. Балким кимдир бирөөгө бул суроо күлкүлүү угулушу мүмкүн, бирок кээ бир адамдар прокурордон эч күлкүсү жок эле өзгөчө арызчыларды “кара тизмеге” киргизсе болобу деп кызыгышты.

Текшерүүлөрдүн өзү жана текшерүүчүлөр тууралуу суроолор да көп болду. Эч кимге жашыруун эмес, эгерде объект бир ревизордун көңүлүнө түшүп кал-

[1] Бул макалада баяндалган семинарларга кошумча, окшош жолугушуулар Жалал-Абад облусунун Аксы, Ала-Бука, Чаткал жана Токтогул райондорунда өттү...

са, анда анын артынан башка кызматтардагы жана ведомстволордогу кесиптештери да сөзсүз келет.

### Окуу, окуу жана окуу

Көзөмөл органынын өкүлүнөн укуктук ликбез көп нерсеге айыл тургундарынын көзүн ачты. Аларды фискалдык жана тартип коргоо органдарынын, башка кызматтык жактардын аракеттерине туура реакция жасоого, чакырууларга жооп берип, ошондой эле коррупцияга каршы турууда аларды өнөктөш кылууга үйрөттү десек да болот.

- Көп жыл мурда кабыл алынган жана мыйзамдык күчүнө кирген айылдык кеңештин мыйзамсыз чечими үчүн ким жоопту болот? Төрагабы же депутаттардын баарыбы? Адатта мындай кырдаалда прокуратуранын кызматкерлери мыйзамсыз токтомго кол койгон үчүн кеңештин төрагасын жоопко тартууга умтулушат, - деп кызыкты Кыз-Көл айылдык кеңешинин төрагасы КАЛИМБЕТОВ.

Көп эле кездешкен мындай кырдаалды ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун укуктук маселелер боюнча адиси Бектур ОРОЗБАЕВ чечмелеп берди. Анын айтымында, КР мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү кеңеш шайлануучу коллегиялык орган болуп эсептелет, анын токтом түрүндө таризделген бардык чечимдери добуш берүү жолу менен кабыл алынат. Тиги же бул маселе боюнча депутаттардын жалпы санынан көпчүлүгү колдоп добуш берсе, айылдык кеңештин чечими кабыл алынды деп эсептелет.

- Мыйзамсыз чечим кабыл алган учурда төрага коллегиялык түрдө кабыл алынган чечим мыйзамдарга каршы келсе да, ал үчүн жеке өзү жоопту болбош керек. Мындай учурда айылдык кеңеш прокуратура органдарынын каршылыгы боюнча, соттун чечими боюнча же өз алдынча кабыл алынган чечимди жокко чыгарып, же ага өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен мыйзамдарга шайкеш келтириш керек. Төрага "каршы" добуш бере алат, бирок эгерде көпчүлүк депутаттар "макул" деп добуш беришсе, анда ал кабыл алынган чечимге кол коюуга жана аны ишке ашыруу боюнча чара көрүүгө милдеттүү. Бул токтомдун кесепетинен зыян келтирилсе, айылдык кеңеш жалпысынан өз алдынча юридикалык жак катары жооп бериш керек.

### Текшерүүлөр, аудит жана Эсептө палатасы жөнүндө

Семинардын катышуучулары Эсептөө палатасынын Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары боюнча аймактык бөлүмчөсүнүн мамлекеттик инспектору Иматулла САТИНБАЕВди чоң кызыгуу менен угушту. Анткени ал угуучуларды Эсептөө палатасынын системасы, ЖӨБ органдарынын ишмердигине аудит өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрү тууралуу айтып берип, жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесске аудит жасоонун өзгөчөлүктөрүнө, каржылык ишмердик жана жергиликтүү бюджетти ишке ашыруу чөйрөсүндө жергиликтүү органдар көп кетирген мыйзам бузууларга токтолду.

Эсептөө палатасы тарабынан аудитти өткөрүү мөөнөттөрү, ошондой эле ири каржылык мыйзам бузууларга жол берген адамдарга карата көрүлүп жаткан чаралар тууралуу маалымат да пайдалуу болду. Алардын материалдары коллегиянын жыйынтыгы боюнча КР Башкы прокуратурасына гана өткөрүлүп берилет. Иматулла САТИНБАЕВ суроонун актуалдуулугун жакшы түшүнүү менен типтүү каржылык мыйзам бузуулардын табиятын жана аларды болтурбоонун жолдорун ийне-жибине чейин чечмелеп берди. Мисалы, бухгалтерлердин товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алууда, иш сапарына кетчү чыгашалар, кошумча акча, эргүү күндөрү үчүн акча төлөп берүүлөр, тендерлерди өткөрүү, бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу бөлүгүндө ЖӨБ көп кетирген мыйзам бузуулар ж.б.

Белгилүү болгондой, иш-чаранын ийгилиги баяндамачылардан, теманын маанисинен гана эмес, көп учурда аудиториядан да көз каранды. Ал эми аудитория активдүү да, чечкиндүү да, кайдыгер эмес да болду. Катышуучулар эч тартынбастан прокурорго жана Эсептөө палатасынын инспекторуна бир топ ыңгайсыз суроолорду узатып жатышты, бирин бири кайталаган функцияларды аткарган текшерүүчүлөргө көңүл буруп коюуну өтүнүштү. Залдан текшерүүлөрдү ирээтке келтирүүгө, муниципалдык кызматчылардын жана айылдык кеңештин депутаттарынын дараметин жогорулатууга, ошондой эле ушул өңдүү семинарларды ички иштер органдарынын органдарынын өкүлдөрү, соттор, салык органдары менен да өткөрүү сунуштары түштү. Айрым мыйзамдарды, анын ичинде жалган арызчыларды административдик жоопкерчиликке тартуу маселелери боюнча мыйзамдарды бүгүнкү күндүн чындыгына жакындаштыруу сунушу берилди.

### Ноокендин жана Базар-Коргондун көйгөйлөрү окшош

Ушундай эле маанай – кызыгуу жана өз укуктары менен милдеттери тууралуу көбүрөөк билүү, калк менен иш алып барууда жардам бере турган билимге ээ болуу каалоосу Ноокен районундагы семинарда да байкалды. Ал жакта район прокурору жана Эсептөө палатасынын өкүлү менен жолугушууга 30га жакын адам келди. Алардын арасында айыл өкмөт башчылары, кеңештердин төрагалары, каржы жаатындагы жергиликтүү адистер жана башакалар бар.

Семинардын башкы баяндамачысы Ноокен районунун прокурору Торо КОЖОШЕВ болду. Прокуратуранын ишмердиги тууралуу маалыматтан тышкары ал ЖӨБ органдары көп кетирген мыйзам бузууларга токтолду. Бул жерде жаңы эч нерсе деле жок – Сузак районундагыдай эле көрүнүш. Алар: эмгек мыйзамдарын, жер маселелерине байланышкан мыйзамдарды чечмелөөдө талаштуу учурлар.

Баяндамачы өз сөзүндө муниципалдык менчикти башкаруу, муниципалдык кызмат, жарандардын кайрылууларын кароо чөйрөсүндөгү кылмыштарга да токтолуп, жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу тууралуу суроолорго жооп берди.

Прокурор кызматкери коррупцияга каршы туруудa ЖӨБны өнөктөш катары кабыл алганы кубандырат. Ал укук бузууларды алдын алуу ишинде ЖӨБ органдары менен өз ара аракеттешүү сунушун колдоого алды. КОЖОШЕВ ушул маселе боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрация менен биргеликте семинарларды өткөрүүнү, юридикалык консультацияларды берүүнү, мыйзамдардагы нормаларды чечмелеп берүүнү сунуштады.

Эсептөө палатасынын инспектору Иматулла САТИНБАЕВ пландык аудит, мамлекет башчысынын, КР Жогорку Кеңешинин депутаттарынын, өкмөттүн, ошондой эле козголгон кылмыш иштери боюнча тартип коргоо органдарынын жетекчилеринин тапшырмасы боюнча пландан тышкаркы көзөмөл иш-чаралары тууралуу толук маалыматты берди.

Инспектор натыйжалуулук аудитин жана шайкештик менен айырмачылыкка аудитти өткөрүүнүн тартиби жөнүндө кенен айтып берди. Эсептөө палатасынын ыйгарым укуктары, Эсептөө палатасы үчүн белгиленген чектөөлөр жана укуктары менен тааныштырып чыкты. Мисалы, инспектор ишмердиги аудитке кабылган объекттин кызматтык жактарына жана кызматкерлерине карата административдик жана башка санкцияларды төлөтүүгө укуксуз.

Семинардын көптөгөн катышуучулары ири каржылык бузууларга жол берген адамдарга карата көрүлүп жаткан чаралар тууралуу билишкен эмес. Алар боюнча материалдар коллегиянын натыйжалары боюнча прокуратура органдарына өткөрүлүп берилет. Мурда мындай иштер менен бардык тартип коргоо органдары алектенчү. Ал ЖӨБ органдары кетирген каржылык укук бузуулардын себептери төмөн квалификация жана айыл өкмөт аппаратынын финансы кызматкерлеринин компетентсиздиги, маянанын аздыгы, кадрлардын бир жерде токтобогону экенин белгиледи. Кийинки күнү “ЖӨБ органдарынын жана мамлекеттик органдардын өз ара аракеттешүүсү. ЖӨБ органдарынын ишмердигиндеги мыйзамдарды бузууну болтурбоо” аттуу семинар Базар-Коргон районунда өттү. Бул жерге райондук прокурорду, Эсептөө палатасынын адисин, ошондой эле Өнүктүрүү саясат институтунун укуктук маселелер боюнча экспертин угуу үчүн акимдин орун басары, райондук адистер, тогуз айылдык аймактын өкүлдөрү келишти.

Угуучулар ошол күнү райондук прокурордун жана Эсептөө палатасынын инспекторунун оозунан бир топ пайдалуу маалыматты угушту. Алар коррупциялык көрүнүштөрдү алдын алуу үчүн кандай иштер жасалып жатканын айтып беришти. Бирок семинардын эң кызыктуу жана күтүлгөн бөлүгү суроо-жоопко бөлүнгөн убакыт болду.

Кызматтагы адамдарга кээде өтө жөнөкөй суроолорду да узатып жатышты. Мисалы, жетекчи дем алыш күндөрү кызматтык машинени коомдун иши үчүн пайдаланса, бул үчүн аны жазалаш керекпи? Коррупционерлерге жарыяланган согуш жөнөкөй жарандардын көңүлүн мурда алар байкабаган нерселерге бура баштады. Коомчулук кызматтык абалды кыянаттык менен пайдалануу факттарына өтө катаал мамиле жасоодо. Мындай учурда ашкере аракеттерге да жол берилип кетет, анткени жашоодо бардык нерсени мыйзамдарга жана эрежелерге такап коюу мүмкүн эмес да.

Жалал-Абад облусундагы үч семинарда тең жаңырган суроолор жана жооптор ЖӨБ үчүн практикалык кызыгууну жараткан үчүн ӨСИ эксперттери аларды чогултуп, өзүнчө макала түрүндө жарыялоону чечти. Макала “Муниципалитет” журналынын жакынкы сандарында чыгып калат. Сузакта жана Ноокенде болгондой эле, базаркоргондуктар да текшерүүлөр тез-тез жүрүп жатканына даттанышты. Акыркы жылдары биздин өлкөдө ишкерчилик чөйрөсүн жакшыртуу үчүн көп эле иштер жасалганы менен, семинарлар көрсөткөндөй, текшерүүлөр ушул кезге чейин бизнестин гана эмес, муниципалдык кызматтын да баш оорусу бойдон кала берүүдө. Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясынын уюштуруучулук бөлүмүнүн жетекчиси А.САДЫКОВдун айтымында, 2013-жылы Базар-Коргон районунун муниципалитеттеринде көзөмөлдөөчү мамлекеттик органдар тарабынан 160 текшерүү катталган.

Ишке тоскоол кылып жаткан текшерүүчүлөрдүн демин басууну өтүнгөн, талап кылган, сунуштаган үндөр туш тараптан жаңырды.

### ӨСИ алга жылууну сунуштады

Корутунду сөздү Бектур ОРОЗБАЕВ айтып, прокуратура органдарынын жана Эсептөө палатасынын ишмердигине дагы бир жолу токтолду, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзамдарды бузуусун болтурбоо үчүн аталган мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттешүүнү жана кызматташууну сунуштады. Ал угуучулардын көңүлүн коррупция менен күрөштө прокуратураны жазалоочу орган катары эмес, көмөктөшчү орган катары кабыл алууга бурду. Ал эми Эсептөө палатасы – каржылык мыйзам бузууларды аныктап чыккан жөн гана структура эмес, ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн кеңешчи да боло алат. ӨСИнин укуктук маселелер боюнча адиси ЖӨБ өзүнүн укуктук билимин жакшыртуу жана консультацияларды алуунун жардамы менен мыйзамдарды бузууну болтурбоо жолу менен ушул мамлекеттик органдардын дараметин өз пайдасына колдоно алат жана ошентиш керек деп эсептейт. Эгерде суроолор, талаш-тартыштар же жаңжалдар пайда болсо аларга оозеки же кат жүзүндө кайрылса болот. Компетенттүү органдардан түшүндүрүп берүүнү өтүнсө болот, ал эми алар ошол маалыматты берүүгө милдеттүү. Белгилүү болгондой, кыбыраган кыр ашат эмеспи.

Бул иш-чара прокуратуранын жана Эсептөө палатасынын өкүлдөрүнүн эсинде калары талашсыз. Анткени ал ой толгоолорго бир топ жем таштады, аларга күн сайын ар кандай бюрократиялык тосмолорду жеңип келаткан реалдуу адамдардын чыныгы жашоосуна сүңгүп кирүүгө жол берди.



# Кыргыз Республикасында муниципалдык кепилдик фонддор

**Малик АБАКИРОВ,**
Кыргыз Республикасынын Кепилдик фонддор ассоциациясынын төрагасы

**2014-жылдын августунда Кепилдик фонддор ассоциациясы (КФ) “Кара-Балта” КФ түзүлүшүнүн жана өнүгүүсүнүн беш жылдыгын майрамдоого катышты. “Кара-Балта” КФ 2009-жылы катталган, ал эми ишин 2011-жылы эл аралык донордук долбоордун жардамы менен баштаган. Дал ушул “Кара-Балта” кепилдик фондунан Кыргызстандагы кепилдик фонддор системасы түптөлө баштаган. Кара-Балта шаарынын мэриясы жана кеңеши КФ капиталына жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүшкөн жана ишкерлер насыя алууда зарыл болгон жардамды көрө баштаган. Ошондон кийин дагы беш кепилдик фонду ачылып, ишин ийгиликтүү алып кеткен. Кепилдик фонддору шаарлардын, элеттик региондордун жана облустун масштабында ишке ашырылып, ишкерчиликти өнүктүрүүгө иш жүзүндө жардам берип келатат.**

Аймактарды өнүктүрүүдө маанилүү маселе болуп ишкерлердин каржылыкка жетүүсү эсептелет. Кыргызстанда каражатка жеткиликтүүлүк маселеси бир катар себептерден улам өзгөчө элеттик ишкерлер үчүн көйгөйлүү болуп турат: банк инфраструктурасынын жана микрокаржы түзүмдөрүнүн (МКТ) жетишсиздиги; МКТнын пайыздык коюмдарынын өтө жогору болгону; кепилдикке жогорку талаптар коюлганы; ишкерлерде кепилдиктин жетишсиздиги.

Ишкерлердин банкка насыя сурап кайрылганына жасалган анализ көрсөткөндөй, банк кардарларынын жалпы санынан 40-50% насыянын зарыл болгон суммасын алуу үчүн жетиштүү даражадагы кепилдиги жок болуп чыгат (банктын 150 миң зайымчысынан 50дөн 75 миңге чейинкилеринде). МКТнын кардарлары болуп 420-450 миң ишкер эсептелет. Алардын көбүндө да кепилдик жок. Ошентип банктын жана МКТнын 600 миң зайымчысынын 200 миңге жакынында кепилдик берүүдө маселе жаралат (банктын 50-75 миң кардары жана МКТнын 125-150 миң кардары).

Экономиканын өсүшүн жана ишкерлердин абалынын жакшыра баштаашын эске алуу менен алардын насыяга болгон керектөөсү жыл сайын өсүүдө, ал эми банктардын кепилдиктин наркын баалоосу анын базар баасынан орточо 50-60% бойдон калууда.

Ишкерлердин кошумча кепилдикке болгон керектөөсү Кыргыз Республикасынын Кепилдик фонддорун (КФ) түзүүгө себеп болду. Кепилдик фонддору ишкерлерге насыянын зарыл болгон суммасын алуу үчүн кепилдиктин жетпей жаткан бөлүгүн берүү менен ишкерлерде кепилдиктин же-



тишсиздиги өңдүү маселени чечүүдө.

Донордук жардам боюнча эл аралык долбоордун колдоосу алдында Кара-Балта, Жалал-Абад, Каракол шаарларында жана Сарай айылдык аймагында төрт пилоттук кепилдик фонду түзүлдү. Кепилдик фонддорунун негиздөөчүлөрү болуп аталган шаарлардын мэриялары жана Сарай айыл өкмөтү болуп эсептелет.

Андан кийин кепилдик фонддору Ош жана Кант шаарларында түзүлдү. Бул фонддорго жардамды Кыргыз Республикасынын Кепилдик фонддор ассоциациясы көрсөттү.

Кепилдик фонддорунун ишинде тобокелчиликти азайтуу максатында жана фонд насыя мекемеси болбогонун эсепке алуу менен бардык кардарлар фондго банк аркылуу келет деген чечим кабыл алынды. Банктарда кардарлардын насыя төлөө жөндөмдүүлүгүнө, насыяны натыйжалуу пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө толук анализ жасалып, ишкердин колунда болгон кепилдик камсыздандыруусуна баа берилет. Насыя берүү тууралуу чечим бекитилгенден кийин жана ишкер үчүн зарыл болгон көлөмдө насыя алуу үчүн кепилдик жетишсиз деген милдеттүү шарттан соң алар КФке кепилдик сурап кайрылышат.

## Кепилдикти ким берет?

Эгерде ишкерлерге зарыл болгон сумманы алуу үчүн кепилдик жетпей жатса, алар аны кантип алышат? Мисалдын негизинде түшүндүрүп берели. Ишкер 500 миң сом насыя алгысы келет дейли. Бул үчүн ал банкка кайрылат. Банк анын бизнесин баалап, бизнес-планын, насыя таржымалын карап чыгып, кепилдикти баалагандан кийин 400 миң сом сунуш кылат. Бирок ишкерге 500 миң сом керек да. Мындай учурда банк ишкерге 100 миң сом суммасына кепилдик суроо үчүн Кепилдик фондуна кайрылууну сунуштайт.

Кепилдик берүү тууралуу өтүнүч келтирилген табыштама банктан КФке түшөт. Ал жерде конкреттүү зайымчыга байланыштуу банк филиалынын насыя комитетинин чечими, бизнес-планга жасалган анализ, колдо болгон кепилдиктин канчага бааланганы жана башка материалдар болот.

КФ беш жумушчу күндүн ичинде табыштаманы карап чыгат жана кепилдикти берүү же баш тартуу тууралуу чечим кабыл алат. 100 миң сомго кепилдик берген учурда ишкер банктан зарыл болгон 500 миң сом насыяны алат.

## КФ кепилдикти берүүдө негизги шарттар төмөнкүлөр:

- кепилдиктин суммасы насыя суммасынан 30% ашпаш керек;
- кепилдиктин суммасы кепилдик фондунун капиталынан 5% ашпаш керек;
- кепилдик бир жылга чейин берилет (бул КФ жогору капитализацияга жеткенге чейинки убактылуу шарт);
- кепилдик КФтин Байкоочу кеңешинин чечими менен бекитилген экономиканын белгилүү бир тармактарына берилет.

Бүгүнкү күндө артыкчылыктуу багыттар болуп төмөнкүлөр эсептелет: өндүрүш, айыл чарбасы жана айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү, кызмат көрсөтүүлөр жана соода.

## Кепилдик фондунун пайдасы эмнеде?

КФ кепилдик бергенден кандай пайда көрөт? КФ ишкерден 1 жылдык мөөнөткө кепилдик берүү менен кепилдик суммасынан 1,5% алат. Ал эми ишкер банкка бардык 500 миң сомдун пайыздык коюмун төлөйт.

КФ туруктуулугунун максатында алгач алардын өзүн өзү актаганы башкы тапшырма болсо, учурда бардык кепилдик фонддор өзүн өзү толук актап, кирешелүү болуп калды. Пайдалуулук кирешелердин төмөнкү түрлөрү менен камсыздалат:

- 1 жылдык мөөнөткө берилген кепилдиктин суммасынан 1,5% көлөмүндө комиссиялык киреше, аны бир жолку тартипте кепилдик алып жаткан ишкер төлөйт;
- өнөктөш банктын депозиттик саясатына жана депозиттин мөөнөттөрүнө жараша жылына 8ден 15% чейинки коюм боюнча депозит боюнча пайыздар;
- убактылуу эркин каражаттарын КФ жогорку өтүмдүүлүгү жогору болгон баалуу кагаздарды – КР Улуттук банкынын ноталарын же Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик казына векселдерин сатып алууга жумшай алат.

Кирешенин жогоруда аталган түрлөрү бардык административдик чыгымдарды жабуу үчүн киреше алууга жол берет. Эсептөөлөр көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасынын каржы базарынын шарттарында КФ ишинин туруктуу, натыйжалуу жана кирешелүү болуусу үчүн минималдык капитал 6,0

***КР кепилдик фонддорунун ишинин көрсөткүчтөрү, млн. сом менен***

| КФ көрсөткүчтөрү | 2013-ж. 31-декабры | 2014-ж. 30-июну |
|---|---|---|
| КФ саны | 5 | 6 |
| Капитал | 20 | 32,6 |
| Берилген кепилдиктердин саны, бирдик | 154 | 285 |
| Кепилдиктердин суммасы | 19 | 26,6 |
| Банк берген насыялардын суммасы | 41 | 115,1 |
| Ишкерлердин тапкан пайдасы | 240 | 330 |
| Жаңы түзүлгөн иш орундары, бирдик | 115 | 202 |
| Колдоого алынган иштеп жаткан жумушчу орундар, бирдик | 414 | 657 |
| Кепилдиктердин орточо суммасы, миң сом | 105 | 110 |
| Кайтарымдуулугу, % | 100% | 100% |
| Кайтарылган кепилдиктердин саны, бирдик | 43 | 78 |
| Жергиликтүү бюджетке түшкөн салык | 1 | 1,2 |
| Кепилдиктер төм. берилди:<br>– өндүрүшкө,<br>– айыл чарбасына жана кайра иштетүүгө,<br>– кызмат көрсөтүүлөргө,<br>– соодага | <br>7%<br>36%<br>11%<br>46% | |

млн. сом өлчөмүндө болуш керек. Ошондуктан “Кыргыз Республикасындагы кепилдик фонддор жөнүндө” Мыйзамда КФтин талап кылынган минималдык капиталы жогоруда аталган көлөмдө белгиленген.

Банктардын өздөрүнүн демилгеси менен алар кепилдик 1 жылга болгон учурда да насыяны 2-3 жылга беришет. Бир жылдан кийин берилген кепилдиктин суммасы КФке кайтарылат жана башка ишкерге кепилдик берүү үчүн колдонулат. Банк менен болгон бардык өз ара мамилелер КФ менен банк ортосундагы макулдашууда көрсөтүлөт. КФтин өнөктөш банктары болуп “РСК-Банк” ААК, “Азия банкы” ЖАК жана “Кыргызстан” банкы эсептелет. Өнөктөш банктардын санын кеңейтүү маселеси күн тартибинде турат.

## Алгачкы натыйжалар

“Кара-Балта”, “Жалал-Абад” кепилдик фонддорунун, “Сарай”, “Каракол” жана “Ош”[1] КФ ишинин натыйжалары таблицада келтирилген.

Таблицадан көрүнүп тургандай, бардык КФтин ишиндеги сандык жана сапаттык көрсөткүчтөр жакшы: берилген кепилдиктердин жана насыянын суммасы өсүүдө; кепилдиктердин жана насыялардын кайтарымдуулугу 100% түзөт; КФтин жана ишкерлердин кирешеси өсүүдө; жаңы түзүлгөн жана колдоого алынып, иштеп жаткан жумуш орундарынын саны көбөйүүдө; бюджетке түшкөн салыктар өсүүдө.

Мунун баары Европа биримдигинин Кепилдик фонддор ассоциациясы (АЕСМ) Директорлор кеңешинин 2014-жылдын 4-сентябрындагы бир добуштан кабыл алынган чечими менен Кыргыз Республикасынын Кепилдик фонддор ассоциациясын мүчөлүккө кабыл алынышына көмөктөштү.

## Келечекте

КФ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн төмөнкү программаларынын катышуучусу болуп эсептелет: 2014-2017-ж.ж. Кыргыз Республикасын Туруктуу өнүктүрүү стратегиясы; элеттик ишкерлер үчүн пайыздык коюмду субсидиялоо боюнча программалар; Экспортту өнүктүрүү стратегиясы; “2014-2017-ж.ж. банк системасын өнүктүрүүнүн негизги багыттары” ж.б.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2013-жылдын 18-декабрында №678 токтомду кабыл алды. Анда муниципалитеттерге ишкерчиликти өнүктүрүү үчүн өз аймактарында кепилдик фонддорун түзүү сунушталат. Ушундан улам Кант шаары бул сунушту колдонууга алды, ал эми Нарында, Лейлек районунда, Токмокто, Балыкчыда ж.б. КФ түзүү маселеси каралууда.

КФтин практикадагы иши мыйзамдардагы кемчиликтерди аныктоого жардам берди жана “Кыргыз Республикасындагы Кепилдик фонддору жөнүндө” мыйзам кабыл алынды. Кыргыз Республикасында кепилдик фонддор системасы “жогору жактан” таңууланбастан жана модалуу бир көрүнүш болбостон, муниципалитеттерде, аймактарда чакан жана орто бизнестин керектөөлөрүнөн түзүлгөнү анын артыкчылыгы болуп саналат. М



[1] Кыргыз Республикасынын Кепилдик фонддор ассоциациясынын маалыматтары.

# Швейцария Өкмөтү жана Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги каржылаган, Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган "Элдин үн жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) жаңылыктары

## Британиянын КРдагы элчиси жети муниципалитетке таштанды тазалоо жана чыгаруу үчүн атайын техниканын ачкычтарын тапшырды



Элет тургундары таштанды тазалоочу техниканын эскиргенинен же такыр эле жок болгонунан улам айылдарда тазалык көйгөйлүү маселелердин бири болгонун айтып, даттанып келишет. Ушуну менен бирге жаз-жай мезгилдери башталары менен жугуштуу оорулардын саны да өсүп, бул биринчи кезекте балдарга жана кары адамдарга коркунуч жаратууда. Калктын баамында, таштанды чыгаруу үчүн атайын техниканы сатып алуу же катуу тиричилик калдыктарын (КТК) тазалоо жана чыгаруу боюнча ишкананы уюштуруу ЖӨБ органдары үчүн артыкчылыктуу маселе. Адамдар ЖӨБ органдарынан ушул маселени чечүү үчүн каржылык колдоо күтүүдө, атүгүл өздөрү да кызмат көрсөтүү үчүн акча төлөп, аны ишке ашырууга катышууга даяр. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жети пилоттук муниципалитети жарандардын жардамы менен таштанды тазалоо маселеси аптыкчылыктуу болгонун аныктап, гранттык сынак үчүн долбоорлорду даярдашып, андан жеңип чыгып, ошону менен алардын ар бири миллион сомдон алышты. 2014-жылдын август жана сентябрында Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы төмөнкү айылдык аймактардын башчылары атайын техниканын ачкычтары тапшырылды.

- Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы Ала-Бука АА башчысы Гүлнара УМАРОВА, "Таштанды – сен менен күрөш башталды" долбоору.
- Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Авлетим АА башчысы Нурмырза АБДРАХМАНОВ, "Айылдагы маданият тазалыктан башталат" долбоору.
- Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Болот Мамбетов АА башчысы Ильичбек КОЧКОРОВ, "Тазалык – келечек тууралуу камкордук" долбоору.
- Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Жети-Өгүз АА башчысы Улан ДАЛИЕВ, "Атайын техниканы сатып алуу менен КТК жыйноо жана ички жолдорду оңдоо боюнча кызмат көрсөтүү" долбоору.
- Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Курманбек АА башчысы Ярасулбек МОЛДОБАЕВ, "Атайын техниканы сатып алуу менен КТК жыйноо жана ички жолдорду оңдоо боюнча кызмат көрсөтүү" долбоору.
- Жалал-Абадоблусунун Ала-Бука районундагы 1-Май АА башчысы Мухтар УШЕРБАЕВ, "Таштанды – биздин жалпы көйгөйүбүз".
- Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Тогуз-Булак АА башчысы Жалообай БЕКТУРСУНОВ, "Шыдыр жол" долбоору.

“ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жана жергиликтүү жамааттын турмуш шартын жакшыртууга багытталган демилгелерди колдоого колдонулчу каражаттар каралган, - деп билдирди Долбоордун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ. – Башкача айтканда алар сурамжылоо, фокус-топтор жана элет көйгөйлөрүн биргелешип аныктоо (ЭКБА-сессиялары) боюнча иш-чаралардын жардамы менен калк аныктаган артыкчылыктарга шайкеш келиш керек. Биз Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы жети элеттик муниципалитеттин ар бирине атайын техниканы – КТК тазалоо жана чыгаруу, ошондой эле ички жолдорду оңдоо үчүн түрдүү кошумча агрегаттар менен жабдылган “Беларус 82.1” үлгүсүндөгү тракторду сатып алууга 1 млн. сомго бааланган сертификаттарды тапшырып жатабыз. Биздин практикабызда калыптанып калгандай,



гранттын каражаттары элеттик муниципалитеттердин жергиликтүү бюджеттерине которулду. КР Каржы министрлигинен окуудан өткөн соң ЖӨБ кызматкерлери сатып алууларды өз алдынча жүргүзүп калышкан”.

Иш-чарага Британиянын Кыргыз Республикасындагы Элчиси Жудит ФАРНВОРТ айымдын катышканы бул салтанатка өзгөчө көрк кошту. “Демократия, коопсуздук жана өнүгүү – кыргыз-британ кызматташтыгынын негизинде мына ушул өзөктүү принциптер жатат. Менимче, акыркы жылдары биз бардык багыттар боюнча прогресске жетише алдык. Өкмөт жана Парламент баштаган реформаларды колдоо боюнча бир катар маанилүү демилгелерден тышкары биз ошондой эле Кыргызстан боюнча миңдеген адамдардын турмуш шартын сезилерлик өзгөрткөн долбоорлорго жеринде колдоо көрсөтүп келатабыз, - деп айтты элчи Жудит ФАРНВОРТ. – Биз жергиликтүү жамааттардын турмуш шартын колдоого жана жакшыртууга багытталган жергиликтүү өнүгүү процессине катышып жатканыбызга кубанычтабыз”.

Камчы ИСРАИЛОВ, Көк-Серек айылдык аймагынын башчысы: “Бул биздин аймакка чоң жардам болду, экскаваторду сатып алуу менен эми муниципалитетти өнүктүрүүнүн социалдык-экономикалык деңгээлин көтөрө алабыз. Биздин айылдагы көйгөй – селдин айынан жолдордун жана көпүрөлөрдүн тез-тез жараксыз абалга келип турганы. Мунун айынан айдалган жерлер жана үй чарбачылыгы жок болууда. Эми биз ушул маселелерди чечүүдө элибизге жардам бере алабыз”.

# ПРЕСС-СЕССИЯ: грант ЖӨБ органдары үчүн инвестицияларды башкаруу үчн машыктыргыч катары



Акыркы учурларда грант темасы коомдо кызуу талкууларга себепчи болуп келатат. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору гранттык жардамды пайдаланууну ЖӨБ органдары инфраструктураны өнүктүрүүгө жана кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга багытталган жергиликтүү бюджеттен инвестицияларды жоопкерчиликтүү жана натыйжалуу башкарууну үйрөнгөн кандайдыр бир машыктыргыч катары карашат. Мындай каражаттарды башкаруунун ӨСИ пилоттук муниципалитеттерде жайылтып жаткан усулдары “жаңы велосипедди ойлоп табууну” сунуштабайт, бирок ЖӨБ органдарын гранттарды жана инвестицияларды башкаруу маселелерине натыйжалуу менеджменттин принциптери талап кылгандай мамиле жасоого үйрөтөт. Ал принциптер: артыкчылыктуу керектөөлөргө таянып, мыйзамдарга ылайык, мүмкүн болушунча ачык-айкын жана келечектеги натыйжа үчүн болгон жоопкерчилик менен кароо. 2014-жылдын жайында жана күз мезгилинин башында ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун демилгеси менен Бишкек шаарынын, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын журналисттери үчүн

өткөрүлгөн пресс-сессиялар гранттык программаны ишке ашыруунун жүрүшүндө пайда болгон суроолорго жана маселелерге арналды.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасынын жалпы көлөмү 59 миллион сомду түзөт. 2013-жылы ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын бир нече айыл өкмөттөрүнүн бюджеттери каржылык жардам алышты. Алардын долбоордук табыштамалары оор атаандаштык кармашта утуп чыгып, ар бир жамаат 20 000 швейцар франктан (бир миллион сомдун тегерегинде) каражат алышты. Каражаттар таштанды тазалоо үчүн атайын техниканы сатып алууга, айылдарды абаттоого, бала бакчалардын курулушуна жана ремонтуна жана башка максаттарга жумшалды. Бул жылы 2014-жылдагы сынакта утуп алган 10 кошумча гранттык долбоордун жана 26 гранттык долбоордун үстүнөн иш жүрүп жатат.

Гранттар боюнча менеджер Султан МАЙРАМБЕКОВдун айтымында, гранттар – бул асмандан түшкөн бекер оокат эмес. “Биз муниципалитеттерге каражат бөлөрдөн мурда алар көптөгөн баскычтардан өтүш керек. Бардык каражаттар максаттуу, багыты боюнча – таштанды тазалоо үчүн техниканы сатып алууга, айылдарды абаттоого, бала бакчалардын курулушуна жана ремонтуна жана башка максаттарга жумшалуусу үчүн биз бардык гранттык долбоорлорду катуу көзөмөлдөйбүз. Биз элеттиктердин турмуш шартын жакшыртууга өзүбүздүн колдон келген салымыбызды кошо алабыз деп ишенебиз”. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасы муниципалитеттерге кошумча каржылоонун жардамы менен кандайдыр бир маселени чечүүгө жардам берет. Бирок бул Программанын негизги максаты эмес. Программа биринчи кезекте элеттик ЖӨБ органдарын жергиликтүү бюджеттен инвестицияларды башкарууга үйрөтүү максатын көздөйт. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору берген гранттык жардам жергиликтүү бюджетке жиберилет жана Каржы министрлигинин Окуу борборунан тийиштүү окуудан өтүп, айыл өкмөтүнүн атынан ЖӨБ органдары сатып алууларды өз алдынча жүзөгө ашырат. Сатып алууларды өткөрүүдө көп маселелер жаралат, бирок алардын баары эле жол-жоболорго же билимге байланган эмес. Негизги тоскоолдук – жергиликтүү бизнестин зарыл болгон документтерди өткөрүүгө жана толугу менен сатып алуулар тууралуу мыйзамдарга ылайык иштөөгө даяр эместиги. Аны менен катар көптөгөн ишкерлер талап кылынган деңгээлде лицензияны алалбайт, тендер үчүн зарыл болгон документтердин пакетин түзө алышпайт.

“Албетте бардык эле муниципалдык кызматчылар мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашырганды билбейт. Ошондуктан гранттарды берүү жана инвестицияларды башкаруу процесси көп учурда токтоп турат. Бирок бизнес дайыма эле тендерге катышууга даяр эмес. Бизнестен сапатсыз табыштамалар түшкөндүн натыйжасында айрым пилоттук муниципалитеттер тендерлерди эки-үч жолу өткөрүп, убактысын жана күчүн текке кетирип алышат. Бизнес менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун натыйжалуу өз ара өнөктөш мамилелери – бул эки тараптан тең көңүлдү жана жол-жоболорду билүүсүн талап кылган эки тараптуу процесс”, - деп айтты журналисттерге Султан МАЙРАМБЕКОВ.



# Мамлекеттик салык кызматынын жүздөн ашуун кызматкери ЖӨБ деңгээлинде "Салыктык укук мамилелери чөйрөсүндө ЖӨБнын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу тартиби жөнүндө" убактылуу жобону жайылтуу маселеси боюнча окуудан өтүштү



2014-жылдын 8-сентябрынан 15-сентябрына чейинки мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын аймагында "Салыктык укук мамилелери чөйрөсүндө ЖӨБнын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу тартиби жөнүндө" Убактылуу жобону жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлинде жайылтуу маселеси боюнча салык кызматынын аймактык, райондук жана шаардык бөлүмчөлөрүнүн жетекчилери жана кызматкерлери үчүн семинарлар өттү. Семинарды ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Мамлекеттик салык кызматы менен биргелешип уюштурду. Семинарга Кыргыз Республикасынын бардык облустарынан жана шаарларынан МСКнын 128 кызматкери катышты. Семинар окутуучу мүнөзгө гана ээ болгон жок. Анын жүрүшүндө ушул Жобону жайылтуу жол-жоболоруна карата практиктер тарабынан сунуштар жана эскертүүлөр чогултулуп алынды. Ал эми анын жыйынтыгы боюнча, сунуштамалар иштелип чыкты. Алар кийинчирээк МСК жетекчилигинин кароосуна жиберилди. Окуудан кийин аймактык МСК кызматкерлери ушундай эле семинарларды ЖӨБ органдарынын тийиштүү кызматкерлери үчүн өткөрүшөт жана жобону жайылтуу боюнча иштерди жүргүзүшөт. Өз кезегинде ЭҮЖӨБОЖ Долбоору аталган токтомду колдонуу боюнча МСК буйругу менен бекитилген методикалык көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат жана аймактарга өткөрүп берет. Салыктык укуктук мамилелер боюнча ЖӨБ органдарынын өз укуктарын ишке ашыруусу жергиликтүү бюджеттин кирешесинин өсүшүнө жана "көмүскө" экономиканын деңгээлининин төмөндөшүнө көмөктөшөт.



# Өнүктүрүү саясат институтунун жаңылыктары

## Бишкекте жаштардын каржылык сабаттуулугун жогорулатуунун жолдору талкууланды




Кыргыз Республикасынын жаштары арасында социалдык туруктуулукка жана экономикалык өсүшкө коркунуч жараткан массалык жарандык (муниципалдык), каржылык жана экономикалык сабатсыздык көйгөйүнө мамлекеттин жана коомчулуктун көңүлүн буруу, коом менен мамлекет тарабынан аталган тобокелчиликтерди алдын алуу боюнча чукул чараларды аныктоо максатында Өнүктүрүү саясат институту Билим берүү демилгелерин колдоо фонду (www.edufeis.org), Жеке инвесторлор клубу жана Москвадагы Ачык билим берүү институтунун экономика кафедрасы менен биргелешип жаштардын каржылык сабаттуулугун жогорулатуу, бул процессте мамлекеттин, коомдун, бизнестин жана донордук уюмдардын ролун күчөтүү ыкмаларын аныктап алуу үчүн талкуу уюштурулду. 2014-жылдын 12-сентябрында өткөн талкууга жаштар иштери менен алектенген министрликтердин жана ведомстволордун, мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн, "Фин-Билим-Сити Муниципалитети" жайкы мектебине катышкан жаштардын, донордук уюмдардын жана ММКнын катышуусу менен өттү.

Өнүктүрүү саясат институтунун Башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВА белгилегендей, бул талкуу "Жаштардын каржылык сабаттуулугу – өлкө ийгилигинин фактору" долбоорунун уландысы болуп калды. Долбоордун алкагында "Фин-Билим-Сити Муниципалитети" жайкы мектеби уюштурулган болчу. "Ушул учурда биздин негизги максатыбыз – каржылык жана жарандык (муниципалдык) сабаттуулук деңгээлин жогорулатуу, жеке каражаттарын башкаруу боюнча билими менен бөлүшүү үчүн жаштарга шарт түзүү. Дал ошол билим болочок муунга ийгиликтүү жана бакубат жашоону камсыздоодо критикалык фактор болуп эсептелет. Өз долбоорубузду ишке ашыруу процессинде окуучулардын да, мугалимдердин да каржылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча ишке карата чоң кызыгуусу анык болду. Башкача айтканда, долбоор КРда каржылык сабаттуулук көйгөйү актуалдуу экенин көрсөтө алды".

Натыйжада өлкөнүн бардык аймактарынан чогулган 50 окуучу өзүн өзү башкарган шаарда, заманбап демократиялык коомдо жашоо үчүн көндүмдөргө ээ болушту; алар ошондой эле каржылык сабаттуулук көндүмдөрүн алышты (теориялык билим менен аны иш жүзүндө колдонуунун айкалышы алынган билим туруктуу болот деп күтүүгө жол берет).

Өз пикирлерин мугалимдердин жана окуучулардын арасынан каржылык жана муниципалдык сабаттуулук боюнча жайкы мектептин катышуучулары да билдиришти. Дарс окугандардын бири Нелли СИМОНОВАнын айтымында, бул багытта окуучулар менен иштөө улуу муун өкүлдөрү менен

иштешүүгө караганда бир топ жеңил жана натыйжалуу болду: "Биздин өлкөдө адамдардын 75% ашууну чыгашаларына эсеп жүргүзбөйт. Ошондуктан жарандар каржылык жактан сабатымды жоём деп чечмейинче, каржылык көз карандысыздыкка же эркиндикке жетүү, же жок дегенде пенсияда татыктуу жашоо мүмкүнчүлүгү жокко эсе".

Жайкы мектептин таасири тууралуу өз баяндамаларын иш-чаранын башка катышуучулары да беришти. Долбоор тууралуу кенен маалыматты "Муниципалитет" журналынын 2014-жылдын июль айында чыккан санынан окуңуз. Иш-чаранын катышуучуларына жайкы мектеп кантип өткөнүн жана оюндун бул модели окуучулар үчүн кандай артыкчылыкка ээ болгонун баяндаган маалыматтык тасма да көрсөтүлдү. Тасманы орус жана англис тилдеринде төмөнкү шилтеме боюнча таба аласыз: http://youtu.be/FjY17junhBo.





# Ошто коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана кыш мезгилине даярдык көрүүгө багытталган финансы каражаттарынын айкындуулук маселеси талкууланды



Өнүктүрүү саясат институту "Интербилим ЭБ" коомдук уюмунун Оштогу филиалы, Ош ш. мэриясы жана шаардык кеңеш менен биргелешип, 2014-жылдын 22-сентябрында Ош шаарындагы коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана кыш мезгилине даярдык көрүүгө багытталган финансы каражаттарынын ачык-айкындуулугу боюнча тегерек стол талкуусун өткөрдү.

Ушул тапта Ош шаарында газдын жок болгонунан жана энергетика тармагындагы күтүлүп жаткан көйгөйлөрдөн улам бул тема шаардыктар үчүн эң актуалдуу болуп калды. Талкууга территориалдык кеңештердин өкүлдөрү, үй, квартал комитеттеринин жетекчилери, Бишкек ш. мэриясынын өкүлдөрү жана Ош шаардык кеңешинин бюджеттик комиссиясынын төрагасы Бекмурза ЭРГЕШОВ катышты.

Негизги талкуу кыш мезгилине даярдык жаатында Ош ш. ЖӨБ органдарынын ишинде ачык-айкындуулуктун жоктугунун тегерегинде болду. Катышуучулар көрүлүп жаткан чаралар, аны менен катар электр энергиясы чектелүү болгон учурда электр мештерин сатып алууда аткарылган иштер шаардыктардын наразылыгын күчөтүшү мүмкүн деген тынчсызданууcун билдиришти; коммуналдык түйүндөрдө ремонттук иштерди жүргүзүүдө жергиликтүү бийликтин кварталдык жана үй комитеттери менен өз ара аракеттешүүсү байкалбайт. Ошону менен бирге макулдашылбаган смета боюнча калктан акча чогултулуп жатат. Талкуунун жыйынтыгы боюнча катышуучулар Ош ш. ЖӨБ органдары үчүн сунуштамаларды даярдашты: кышка даярдык боюнча чечимдерди кабыл алууда айкындуулук деңгээлин жогорулатуу, Ош ш. бюджетин калк үчүн түшүнүктүү түрүндө жеткирүү, шаардык кеңештин депутаттары, мэриянын кызматкерлери конкреттүү аймакта күтүлүп жаткан иштер жана каржылоонун көлөмү тууралуу шаардыктарга үзгүлтүксүз маалымат берип туруш керек, шаардыктардын суроо-талаптарын жеткирүү үчүн шаардык кеңештин депутаттарына туруктуу жеткиликтүүлүктү камсыздоо.

Сунуштамалардан кийин Ош ш. мэриясы жана шаардык кеңеш менен биргеликте 2015-жылга Ош ш. ЖӨБ органдарынын айкындуулугун камсыздоо боюнча планын даярдоо жана аны шаардык кеңештин кароосуна жиберүү тууралуу чечим кабыл алынды.

# ЖӨБ – бул таштанды жана жол маселелери гана эмес. Бул адамдын өнүгүүсү үчүн чөйрө – маданият, тарбия, муктаждарга камкордук, саламаттык, коопсуздук

## Муниципалдык социалдык тапшырыкты жайылтуу боюнча долбоордун орто аралыктагы жыйынтыктарын талкуулоо




ӨСИ жарандык коомду колдоо боюнча GIZ (Эл аралык кызматташтык боюнча Герман коомчулугу) Долбоору менен биргеликте ЖӨБ деңгээлинде социалдык тапшырыкты жайылтуунун жыйынтыктарын, ЖӨБ органдары жана бейөкмөт уюмдар өздөштүргөн сабактарды, ошондой эле келечектеги суроолорду жана пландарды талкуулашты.

“Тегерек столдо” төмөнкү баяндамалар угулду:

- Өмүралиев айыл өкмөтү, “Социалдык тапшырыкты жайгаштырууга муниципалдык сынакка катышуу тажрыйбасы”, муниципалдык социалдык долбоор, “Айкөл” КУ, Талас облусу;
- Катран айыл өкмөтү, “Муниципалдык деңгээлде социалдык тапшырык механизмин жайылтуу тажрыйбасы”, А. ИСАЕВ, Катран айылдык аймагынын башчысы;
- “Мамлекеттик социалдык тапшырык жөнүндө” мыйзам долбоорундагы жаңы нерселер, Н. ИДРИСОВ Кыргызстандагы ICNL (Коммерциялык эмес укук эл аралык борборунун);
- “Муниципалдык деңгээлде социалдык тапшырык: Европа өлкөлөрүнүн тажрыйбасы жана Кыргызстандагы кырдаал. КРда ЖӨБ деңгээлинде социалдык тапшырыкты түзүүгө шарттар жана артыкчылыктар”, Н.ДОБРЕЦОВА, ӨСИ төрайымы;
- “КРда муниципалдык деңгээлде МСТны жайылтуу көйгөйлөрү. Практиканын МСТ жөнүндө жаңы мыйзамдын долбооруна которулушу”, Б.БЕКИЕВ, укуктук маселелер боюнча адис, ӨСИ;
- “Муниципалдык социалдык тапшырыктын негизинде жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктуу маселелерин чечүүдө БӨУ менен ЖӨБнын өнөктөштүгү” Долбоорун ишке ашыруунун баскычтары, Р.СУРАНЧИЕВА, ӨСИ долбоорунун эксперти.

Ошондой эле “Социалдык тапшырыктын негизинде жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктуу маселелерин чечүүдө ЖӨБ менен БӨУ өнөктөштүгү” окуу-маалымат берүүчү тасма көрсөтүлдү.

2014-жылдын күз мезгилинен тарта 2015-жылдын соңуна чейин 11 муниципалитет муниципалдык социалдык тапшырыктын аткарылышын төлөө үчүн ар бири 1 миллион сом (баары болуп 11 миллион сом) өлчөмүндө каржылык колдоо алышат. Бул практика өлкөдө кеңири жайыла алат жана ошондой болуш керек. Анткени ЖӨБ органдарына жамааттын социалдык маселелерин дагы да натыйжалуу чечүүгө жардам берет. Мындан тышкары жакынкы келечекте мамлекеттик социалдык тапшырык жөнүндө жаңы мыйзамды Жогорку Кеңештин талкуусуна жана кароосуна алып чыгуу пландалып жатат. Бул мыйзам Кыргызстандын муниципалитеттеринде аталган механизмди өнүктүрүү үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Жарандык коомду колдоо боюнча GIZ (Эл аралык кызматташтык боюнча Герман коомчулугу) Долбоорунун катышуусунан улам бул механизмди жайылтуу мүмкүн болду. Аталган долбоор Өнүктүрүү саясат институту менен биргелешип, ЖӨБ органдары жана жергиликтүү БӨУ үчүн тийиштүү окууларды өткөрдү.



